Мырзабек Чокотегин

БОЗ ҮЙ — БАЙЫРКЫ ТОО КӨЧМӨНДӨРҮНҮН ТУРАК ЖАЙЫ

Бишкек-2010

Мырзабек Чокотегин

БОЗ ҮЙ — БАЙЫРКЫ ТОО КӨЧМӨНДӨРҮНҮН ТУРАК ЖАЙЫ



УДК 745/749
ББК 85.12
Ч-75

Чокотегин Мырзабек.

Ч – 75 Боз үй — байыркы тоо көчмөндөрүнүн турак жайы. Б.: «Алтын-Принт», 2010. — 56 б.

ISBN 978-9967-13-326-6

Автор китебинде бабаларыбыздан мурас - боз үйдүн тарыхы, жасалышы, тигилиши жана пайдаланылышы жөнүндө сөз козгойт.

Ч 4904000000

УДК 745/749
ББК 85.12

ISBN 978-9967-13-326-6

© Чокотегин М., 2010.

СӨЗ БАШЫ

Эмгекте: көчмөндүүлүктүн жагдайлары жана андагы турак жайлар жөнүндөгү маалыматтар берилет. Эң байыркы бабаларыбыздан мурас — боз үйдүн башаты — алачыктардын эң жөнөкөй (буума) түрүнөн аз да болсо жашоого ыңгайлашылган бөлөк түрлөрүнө (сайма, жапма) өтүүлөрдү камтыган иш-аракеттерден башталып, калыптануусу узак мезгилдерге созулгандыгы баяндалат. Боз үй – тоо көчмөндөрүнүн турак жайлыгына, качанкылыгына жана кимдикилигине көптөгөн илимий далилдер келтирилет. Алачык тобундагы — буума алачык, сайма алачык, жапма алачык; боз үй тобундагы — жолум үй (эң кичине боз үй), боз үй, өргөө (жазалгаланган чоң боз үй) делген аталыштардагы турак жайлардын өз ара бир-бирине өтүүдөгү өзгөчөлүктөрүнө орун берилет. Алардын ар бири өз-өзүнчө мүнөздөлөт.

Боз үйдүн жазалышы эң байыркы бабаларыбыздан эле калыптанылып, ал бүгүнкү бизге өзгөрүүсүз толук жеткен ыкмалары:

—боз үйдүн жазалышындагы керектелүүчү материалдар жана алардын колдонулууга алгачкы ирет даярдалышы;

—боз үйдү жазоодо колдонулуучу жабдуулар жана аспаптар;

—боз үйдүн жазалышындагы жумушчу операциялар делген 3 чоң топко бөлүнүлүп чагылылат.

Боз үй эмеректеринин жазалгаларынын, жабдууларынын ар бири кыскача мүнөздөлөт да алардын топторго бөлүнүүсүнө бирдиктүү тактоо киргизүү максатында сунуштар айтылат.

Боз үйдүн тигилиши, жазалгаланышы жана пайдаланышындагы колдонулуучу эрежелер, каада-салттардан да маалымдалат.

Эмгекте алгачкы ирет боз үйдүн жазалышына, пайдаланышына байланыштуу, бирок убагында логикалык жактан иреттелбеген болсо да, турмуштук тажрыйбада эчак эле колдонулуп келген табигый илимдердин көптөгөн закондору тизмектелет жана чечмеленет.

Ошондой эле буга чейин аталып келген, улуттук архитектурабыздын башаты айрым археологиялык казуулардан табылган журт калдыктарынын дубалдары эмес, боз үй экендигине далилдер келтирилет.

Сөзүмдүн соңунда, боз үй боюнча атайыланган илимий даректердин жокко эселигине карабай, ал боюнча ыраатуу баян берүүгө аракеттенгенимди белгилеп коймокчумун. Ошондой эле улутубуздун «Ата Мекеним», «Ата Журтум» деген ар бир инсанын жана бизге тилектеш улуттарыбызды да кызыктырбай койбойт деген да ойдомун.

КӨЧМӨНДҮҮЛҮК ЖАНА АНЫН ЖАГДАЙЛАРЫ

Жер - күн системасындагы планеталардын биринен болуп тиричиликтин, адам коомунун бар болушу менен айырмаланат. Ал азыркы учурдагы космогониялык көз караштар боюнча мындан 4,5 млрд. жыл мурда күн айланасындагы мейкиндиктеги газ жана чаң түрүндөгү чачыранды заттардын гравитациялык конденсацияланышынан пайда болгон. Жердин калыптаныш учурунда көбүнчө радиоактивдуу элементтердин таасиринен анын ички бөлүктөрүнүн акырындык менен ысый башташы, жер заттарынын дифференциацияланышына (жиктелишине) алып келген. Бул дифференциация жер шарын химиялык составы жана физикалык касиеттери менен айырмаланган геосфераларга (катмарларга) бөлгөн. Жердин борборунда анын ядросу пайда болуп, ядрону курчап жаткан катмар *мантия* деп аталып, ал эми мантиядан бөлүнүп чыккан жеңил жана оной эриген заттардан турган эң үстүнкү катмар *жер кыртышы* (геосфера) жана анын терендигинен ар дайым бөлүнүп толуктанып туруучу аба катмары «*атмосфера*», суу катмары «*гидросфера*» деп аталынган.

Ички жана сырткы күчтөрдүн таасиринен жер бетинин түзүлүшү тынымсыз өзгөрүлүп турулган. Материктер менен океандар бир нече жолу формаларын өзгөрткөн. Жер катмарынын айрым бөлүктөрү көтөрүлүп тоолор пайда болгон же басырылып ойдуңга айланган. Мындай тектоникалык кыймылдардын таасиринен жер бетинин рельефи, климаты, өсүмдүктөрү менен жаныбарлары өзгөрүүлөргө дуушарланып турган. Демек, органикалык дүйнөнүн өөрчүүсү жер бетинин өнүгүү тарыхынын негизги этаптары менен тыгыз байланышта болунган.

Тиричиликтин алгачкы белгилери мындан 2,3 млрд. жыл мурда пайда болгон. Демек жер жаралгандан кийин деле узакка тиричилик болгон эмес. Ал мезгил *химиялык эволюциянын мезгили* деп аталат. Анда жандуу объектилерде зат алмашуу, көбөйүү, өсүү, өз составын жана милдетин активдуу жөнгө салуу, дүүлүгүү, чөйрөгө ыңгайлашуу ж.б. процесстер жүрүлгөн.

Өнүүгүгө жаткан органикалык дүйнө 2 чоң топко – өсүмдүктөргө жана жаныбарларга бөлүнөт. Өсүмдүктөр өзүнө энчилуу өнүүгүүсүндө эң жөнөкөйдөн татаалданышына чейин өнүккөн. Жердеги бардык организмдин жашоосу үчүн ыңгайлуулукту түзгөн. Анын негизгилеринин бири - ал денесине күн энергиясын топтоп, органикалык заттарды синтездейт да, атмосферадан көмүр кычкыл газын сиңирип, кычкылтекти бөлүп чыгарат. О.э. анын катышуусу менен топурак калыптанат. Жаныбарлар түзулүшүнө карата бир клеткалуу жана көп клеткалуу организмдер болуп бөлүнүп, органикалык дүйнөнүн өөрчүшү менен функциялары татаалданып, тамак сиңируу, дем алуу ж.б. органдары пайда болуп, акырында жогорку баскычка көтөрүлгөн коомдук жаныбар – адам келип чыккан. Адамдын жаралышы жана калыптана башташы

акыркы жылдардагы археологиялык табылгаларга караганда мындан 2,5-3,0 млн. жыл илгери башталган. Анын эң алгачкылары Чыгыш-Түштүк, Чыгыш Африкада, Азияда пайда болуп, акырындап Евразиянын климаты суугураак жерлерине таралат. Биздин Ата журтубузда болжолу мындан 1 млн. жыл илгери пайда болгон.

Адамдын айбандан бөлүнүп башталышынан б.а. мындан 1 млн. 800 миң жылдай мурунку мезгилден тартып тарыхый жана эволюциялык өнүгүү жүрүп, анда эмгек куралын жазап, аны менен чөйрөгө таасир этип, өзгөртүүгө жарамдуу аракет, мээнин түзүлүшү татаалдашып, аң-сезим аздан болсо да өнүгүп, сүйлөөгө тили жарамдала башталат.

Кыргыз жергесинде адамдардын алгачкы издери алгачкы палеолитке тийиштуу ашель дооруна (б.з.ч.. 400-100 миң жылдык) туура келет.

Ашель доорунда адамдар айбанаттардан толук бөлүнүп, алар чакан топторго топтолушуп өрөөндөрдө, тоо арасындагы коктуларда жашап, мөмө-жемиш, тамыр чогултуу, аңчылык кылуу менен бирдикте табыгый оттордон жылынууга, жырткычтардан сактанууга өтүп калган. Бул доордогу эстеликтерден Тянь-Шандагы Он-Арча суусунун жээгинде, түштүк аймакта Кожо-Бакырган-Сайда сакталдып калган.

Палеолиттин андан соңку *мустье маданияты* делген археологиялык доордо (мындан 100-40 миң жыл мурун) аң-сезим жана таштан болгон эмгек куралдары эволюциялык өнүгүүсүн улантат.

Болжол менен мындан 40-12 миң жыл мурун материархалдык топ болуп, туугандык энелери боюнча аныкталуу башталат. Өндүрүш коллективдуу болот, эмгек куралы, чогулган азык ошол коомдуку болот. Булар менен бирдикте кийим кийип, турак жай куруу өздөштүрүлө башталат. Кийим чоң жалбыректан, терилерден сөөктөн жазалган ийне, теменелер менен көктөлүп тигилсе, турак жайга үңкүрлөр жок жерде жер төлөөлөрдү куруу колго алынган. Дубалын шырык, сөөктөр менен тургузуп, үстүлөрүн кабыктар, терилер менен жаап алачыктарды жасашкан.

Мындан 12 миң жыл илгери муз доору аяктаган. Байыркы адамдар аңчылык кылуучу мамонттор, носорогдор жана башка ири жапайы жаныбарлар ошондо кырылып жок болгон. Эми майда жана тез чуркоочу жаныбарларга найза менен аңчылык кылуу кыйындайт. Буга карата жаңы куралдар: жаа менен жебелер ойлонуп табылган. Кайыктар пайда болот. Балыктар тор менен кармала башталат.

Мезолит доорунда (б.з.ч. 10 - 6 миң жылдык) климат, өсүмдүк, жаныбарлар дүйнөсү азыркыдай болгон. Таш куралдарын жазоонун жаңы ыкмалары өздөштрүлгөн. Таш, сөөк, мүйүздөн куралдар колдонулуп жаа, жебе кеңири тараган. Ушуларга улай эле чырпыктан себет, чоподон идиш жазаганды үйрөнүшкөн. Акырындап сыртын оймолоп, чиймелеп кооздоо өздөштүрүлө башталылган. Жүндөн, кендирден, зыгырдан жип ийрүүгө ийик ойлонуп табылган, одуракай болсо да алгачкы кездеме токуу пайда болгон. Аңчылык, балыкчылык, жер - жемиш жыйноо өнүккөн.

Ошентип, таш куралдарынын жана башка буюмдарды жазоонун татаалдашы аларды даярдоонун өзүнчө атайын кесипке айланышына себеп болгон. Демек кол өнөрчүлүк калыптана да, бутактана да башталышына зарылчылык уланылган. Бул мезгилдердеги чарбачылыктын бөлөк тармактары да өнүгүп б.а. неолитке өтүү мезгилинде жаңыбарларды колго үйрөтүү жана дыйканчылык маселелери да кеңири тарай баштаган. Жапайы дан өсүмдүктөрүнүн жерде калган уруктарынан кийинки жылы жаңыланып өсүп чыгуусу байкалган. Андыктан өсүмдүктөрдү жумшартылган жерге себуу пайда болгон. Ал таш, мүйүз, жыгачтан жазалган кетмен сымал куралдар менен иштелген. Орууда курч таштын (кремний) сыныктарынан ыңгайлап орок иретинде пайдалануу болгон.

Неолит доорунун (б.з.ч.6-4 миң жылдык) аягында эмгек куралдары алда-канча жакшырылган. Жылмалоо, аралоо, көсөө сыяктуу ыкмалар кеңири өнүгөт. Жалаң кремний, сөөк жана таш куралдар урунулуп, чопо идиштер кеңири тараган. Карапа айлампасы ойлонулуп табылып, андан буюм жазоодо түз, жылмакай жана көрктүү болуусуна шарттар түзүлгөн. Куралдар акырындап металдан да жазалууга өтүлөт. Дыйкандар менен малчылардын маданияты көтөрүлүп, машыккан аңчылар жана балыкчылар пайда болунган.

Неолит доорундагы эстеликтерден Ысыккөлдө, Тянь-Шанда, Чүй, Талас, Кетментөбө, Алай өрөөндөрүндө, Баткен, Лейлек райондорунда ж.б. жерлерде кездешет. Ысыккөлдөгү Сары-Жаз суусунун боюндагы Ак-Чуңкур үңкүрүндө дубалына кызыл боек менен тартылган адам, бука, эчки жана жылаандардын сөлөкөттөрү болгон. Ал жерди казууда малдардын сөөктөрү, ар кандай таш куралдары жана очоктун изи табылган. Бул адамдардын өрөөндөрдө гана эмес, бийик тоолуу суук райондордо да жашаганынан кабар берет.

Б.з.ч. 3-миң жылдыкта таш, сөөк, чоподон тышкары металга, адегенде жез анан колого өтүлөт. Катуу, курч куралдар эмгек өндүрүмдүүлүгүн көтөрөт. Жыйынтыкта үйүрдөн уруу пайда болгон. Коло доорунда патриархалдык жашоо башталган. Бул мезгилдерде бай, кедейге жиктелген социалдык катмарлар пайда болуп, байыркы чыгыштагы алгачкы мамлекеттер түзүлөт. Кийинчерээк Жер Ортолук деңизинин түндүк жээктеринде да адепки мамлекеттер түптөлгөн. Бул учурда чарбачылык кылууда мындагы негизги тармакты түзгөн дыйканчылык менен мал чарбачылыгынын андан да терендеп өсүүсү – алардын ич ара өз-өзүнчө бөлүнүүлөрүнүн зарылдыгын жаратат. Натыйжада дыйканчылык менен кесиптенгендер дыйканчылыгына ыңгайлуу суусу мол талаа, түзөң жерлерди байырлап туруктуу жашоого, ал эми мал чарбачылыгы менен кесиптенүүчүлөрдүн жашоосу жайыттын ыңгайына карата малы менен кошо көчүп-конуу жүрүү ыкмасына өтөт.

Ошентип, б.з.ч. 2-миң жылдыкта ааламдын байыркы урууларында көчмөн мүнөздөгү жер-жемиш терген, тамыр жыйнаган, балык жана аң улап

жан баккан тиричиликтен Азиянын, Түндүк Африканын тоо-талааларында, Кара деңиздин жээктеринде кой, эчки, жылкы, төө багууга адистешкен жана кийинчерээк Арктика зонасында бугу чарбасы менен алектенген ирирээк алгачкы көчмөндүүлүк келип чыгат. Ал бара-бара тереңделип көчүп-конуулардын мезгилдерине карата – *жарым көчмөн* жана *көчмөн*, ал эми аймактарынын түзөң же тоолуугуна карата *талаа* (хунну, сянби, дунху), *тоо көчмөндөрү* (кыргыз уруулары) делип бөлүнгөн. Буларга карата турак жайлары олуттуу айырмаланып, талаа көчмөндөрү унааларга чегилген дөңгөлөктүү арабага орнотулган (чатыр ж.б.), тоо көчмөндөрү жыйып жүктөмө (боз үй) турак жайларды күтүнүшкөн. Биздин бабалар бул тагдырда жашаган жер шартына карата мал чарбасын карманган көчмөндүүлүктө болгон. Ал жашообуз эң байыркы элдигибизден жана аны жакынкы жылдарга чейин алгылыктуу сакташыбыздан Борбордук Азиянын кең аймагында эң узун да, көп кырдуу да өмүрүн сүргөн.

Ырас, тарыхта жогорудагыдан мал чарбачылыгын кесип кылып, бийик тоолордо улам жайыт которуп көчүп-конуп жүргөн уруулардын тобу *тоо көчмөндөрү* деген атта калышкандары белгиленген. Аларга чыгышы Батыш Монголиядан баштап Алатоого, түштүгү Кытай өлкөсүнүн түндүгү, Какшаал, Алай, Памир, Тибет тоолору, түндүгү Иле дарыясы, Алтай, Саян тоолорунун түндүгүнө чейинки аймактарда мал чарбачылыгын кесип кылган кыргыз уруулары кирген. Байыркы бабаларыбыздан бери Борбордук Азиянын кең аймагында кеңири колдонуп келген жарым көчмөндүүлүк жана көчмөндүүлүк узак убакытка өмүр сүрүп, ал 1916-жылга карата болгон расмий маалымат боюнча 160 миң кожолуктун 80 пайызын түзгөн. Бул мезгилден соң күчөтүлгөн мамлекеттик иш чаралар болсо да, ал 1930-жылга өлкө алдында али 85 миң көчмөн жана жарым көчмөн кыргыз кожолугун отрукташтыруу милдети турган.[1] Бүгүнкү күндө учурдун талабына ылайык мал багуу менен алектенүүчүлөрдүн басымдуу бөлүгү транспорттук катнаштагы техникалык прогрессти эсепке албаганда, калгандары адаттагыдай эле жылуучулукта жайлоолордо, суукта туруктуу жайына кайтма чарбалык ишмердүүлүк, башкача айтканда жарым көчмөндүүлүк кеңири колдонулуп келе жатат.

Тарых дарегинде жогоруда да айтылгандай неолитке өтүү мезгилинде ит ж.б. жаныбарларды колго үйрөтүү кеңири тарай баштаган. Мындан 8 миң жыл мурун жапайы тоо койунан (муфлондон, аркардан) кой, жапайы турдан уй колго үйрөтүлгөн. Алардын күтүлүүсү күндүзү айыл четиндеги жайыт түрүндөгү аймактарда, түнкүсүн үйдө болуусу камсыздалган. Мезгил өтө жогорку колго үйрөтүлгөн жаныбарлар күндө эле бир жерде оттоосунан ал жердин такырланышынан, анын андан да арылантуусу керектелинген. Бул көрүнүш эмгектерде төмөндөгүдөй: "Вначале андроновцы жили оседло. Стада их паслись в окрестностях поселков. Скот выгоняли утром на пастбища, а вечером пригоняли обратно. И так продалжалось из месяца в месяц, из года в год. А через 20-25 лет

[1] Кыргыз Совет Энциклопедиясы, Б., 1979-ж., 4-том, 520-бет.

травянной покров вокруг поселков вытаптывался животными, скудел, разнотравные пастбища превращались в пустыню. Поселок переносили на новое место за 50-70 км. от старого. Проходило время, и картина повторялась..." [2] деп чагылылган. Андан да убакыт өтө көчмөндүүлүктүн кеңейишине (б.з.ч. 2-миң жылдыкта сууга, чөлгө чыдамдуу төөнүн колго үйрөтүлушүнөн жана үйүрдө жылкынын, койдун көбөйүшүнөн да шарттар түзүлгөн.

Академик В.М.Плоских көчмөндүүлүктүн пайда болушун жана андан ары өнүгүшүн үч топко бөлүп, анын биринчисин малдын башынын көбөйүшүнө арнаса, кийинкилерин төөнүн колго үйрөтүлүшүнө жана малдардын түзүмүндө кой, жылкынын көбөйүшүнө такап төмөндөгүдөй: "Другим важным условием перехода андроновцев к кочевничеству стало приручение двугорвого верблюда, незаменимого помощника скотовода в странствиях по горам и пустыням. Третьим условием перехода кочевничеству стало изменение состава стада. К концу эпохи бронзы увеличивается лощадей и овец, а уменщается поголовья крупного рогатого скота"[3] делип көрсөтүлөт.

Ал ортолордо байыркы адамдар аймак аралык катнашуу каражатына, ошондой эле алардын бир бөлүгүнүн жашоосу бир жерде туруктуу жашоого ыңгайланып дыйканчылык, кол өнөрчүлүк менен алектенишкен, бир бөлүгү мал чарбачылыгы менен алектенип, зор аймакта улам жайыттардын ыңгайына карата ага мерчемделген конуштарга кайталап журт которуп туруусуна байланыштуулугунан адамдын өзүн жана керектүү учурларда аны ченем – чендүү жүгүн кошо алып, ар кандай аралыктарга жол жүрүүгө ийкемделген жаныбардын кызматына зарылчылык келип чыккан. Мына ушул максатка төп келүүчү жаныбар б. з. ч. 1У миң жылдыкта пайда болгон – жылкы болунган. Анын буттарынын ичке узун келип сом туяктуулугу тез да, алыска да жана ыңгайсыз жолдордо да жол жүрүүсүнө, кар тээп оттоосуна, жүнүнүн кыска, коюуу келишинен суукка да байымдуулугу менен айырмаланган.

Жогорудай жагдайда Борбордук Азиянын аймагында өмүр кечиришкен байыркы бабаларыбыз б. з. ч. III – миң жылдыктын ортосунда ааламда эң биринчи жылкыны колго үйрөтүп, аны жашоо – тирчилигинде урунган калктан болгон. Бул жөнүндө бүт өмүрүн кыргыз тарыхына арнаган кытайлык атактуу окумуштуу Анвар Байтур өзүнүн эмгегинде[4] Ван Жылайдын ханзуча жазылган (Орто Азия тарыхы., 1980., 9-10 беттер) эмгегине таянып " Эне сай дарыясынын баш агымында жана Алтай тоолорунун этектеринде жашаган ата – бабаларыбыз дүйнө тарыхында жылкыны эң тунгуч ирет пайдаланган адамдардын бир бөлүгү болуп эсептелет, жылкыны колго үйрөтүү жана анын пайдалануу дүйнөнүн башка жерлеринде так ушуш райондон таралган да, ал бүгүнкү күндөгү бардык окмуштуулар тарабынан бекитилген маселе " деп белгиленген.

---

[2] В.М.Плоских, Наш Кыргызстан (Популярная историческая энциклопедия, Б., 2004, 14-бет.
[3] В.М.Плоских, жогорудагы эле эмгегинде, 16-бет.
[4] А.Байтур, Кыргыз тарыхынын лекциялары, !-китеп, Б, 1992-ж, 16-бет.

Ошентип, аялдары, балдары туруктуу жеринде бираз колго калган малы менен калып, жер иштетүү менен алектенсе, эркектери алыскы аймактардагы жайыттан жайытка которуп малын баккан. Туруктуу турагына кыш түшөөргө гана жакын кайтып турган. Бул ыкмага калктын бир бөлүгүнүн бара-бара дыйканчылыгы кыскарылып мал чарбасынын кеңейүүсүнөн жарым көчмөндүүлүк пайда болот. Ал адаттагыдай эле дагы өнүгүп, акырындап туруктуу жайына кайтып туруу биротоло токтоп, жылдын баардык мезгилдеринде көчүп-конуп жүрүүнү камсыздаган көчмөндүүлүк пайда болот. Мындай көчмөндүүлүктүн этөги Борбордук Азия кыргыздарынын басымдуу бөлүгүндө өткөн кылымдын 20-30-жылдарына чейин созулган.

Дүйнө окумуштууларында адамзат тарыхын англиялык тарыхчы жана философ Арнольд Тойнби 21 цивилизацияга бөлсө, айрымдары 8-11 ге чейин гана бөлүп жүргөнү бар. Бул тагдырда жогорудагы цивилизациялардан "Көчмөндөр цивилизациясы" бираз кечирээк көңүл борборуна алынса да өз ордун тапкан цивилизациядан. Мында Борбордук Азиянын көчмөн элдери материалдык жана духовный маданияттын өзгөчө түрүн иштеп чыккандыгы менен олуттуу айырмаланат. Буга кыргыздагы көчмөндүүлүк турмушунан эле алып караганда жашоосуна өтө эле ылайык келген, жыйма, жайда салкын, кышта жылуу боз үйү, ат жабдуулары, айрым жоокер куралдары, колдонмо искусствонун түрлөрү, баатырдык эпос, оозеки лирикалык ырлар, жомоктор мисал. Илимий адабияттарда жер шартына карата көчмөндүүлүктүн түрлөрү жалпыланып төмөндөгүдөй белгиленген: 1) "меридиандык" (казактар сыяктуу малды жайында түндүккө, кышында түштүккө сүрүп) көчүү; 2) "чөлдүк" (түркмөндөр сыяктуу малды кудуктан кудукка же кудук тегерегине айдап) көчүү; 3) "тике" (кыргыздар сыяктуу малды өрөөндөгү кыштоолордон бийик тоолуу жайлоолорго сүрүп) көчүү[5].

[5] Кыргыз Совет Энциклопедиясы, Б., 1978-ж., 3-том, 438-бет.

КӨЧМӨНДӨРДҮН ТУРАК ЖАЙЛАРЫНЫН ӨНҮГҮҮЛӨРҮ

Адам коомунун өнүгүүсүндөгү анын тарыхый-маданий мезгилдеринин баштапкысынан болгон палеолит заманынын алгачкы бөлүгүнүн акыркысына туура келген *мустьё маданияты* делинген археологиялык доор б.з.ч. 100-40 миң жылдыкты камтыйт. Андагы аң-сезим жана таштан болгон эмгек куралдары мурункусунан бир аз жакшырылат. Баш паанек үңкүрлөрдөн жана тиричилигин өткөзүүгө ыңгайлаштырып алган ар кандай ыктоо, коңулдуу жайлардан алачыктарга, жарым жер кепелерге өтүлө баштайт. Демек, атайыланып курулмаланып тургузула башталган эң алгачкы алачык ушул мезгилге туура келет.

Андан да кийинки өнүгүүдө турак жайларына да өзгөрүү кирип, алгачкы алачыктардан соңку алачыктарга жана азыркы жолум үй үлгүсүнө жакындатылган курулмаларга, жарым жер кепелерден жер кепелерге өтүү башталган. Ошентип тоо көчмөндөрүнүн турак жайы албетте эң алгачкы күндөрү алачыктардан башталып, андан соң азыркы колдонулуп жүргөн боз үйгө чейин жеткен. Албетте ал кездеги бабаларыбыз текши баары эле мал чарбачылыгы менен кесиптенип, көчмөндүүлүктө болбогону ырас. Демек бир бөлүгү отурукташылып кол өнөрчүүгү, дыйканчылыгы менен алектенгенине мал чарбасы да айкаштырылган. Ага карата туруктуу турак жайлары болгон. Бул тууралуу эмгектерде "Жилища древних кыргызов, к примеру, были трёх типов: похожие на юрту – на вбитые в землю, колья натягивали войлок; деревянные дома с двухскатной крышей и каркасные шестиугольные постройки" делип көрсөтүлөт[6]. Ошентип, боз үй адамзат жашоо-тиричилигинде бир нече миңдеген жылдар боюу пайдаланып келинген да, ал бүгүнкү күндө кыска мөөнөткө ар кандай салтанаттарды (жыйын, юбилей ж.б.) өткөрө коюуда, сезондук иш чараларды (чарба жумуштары, комерциялык иштер, туризм, экспедиция ж.б.) жана зарыл шарттарда турак жайларды ар убактарга карата кеңите коюуга колдонулуп жүрөт. Боз үй дүйнөлүк коомчулукта да баркбаасында. Ал тууралуу кечеги X1X кылымда эле болсо да Н.М.Пржевалский: "Юрта составляет незаменимое жилише. Ее можно быстро разбирать и переносить в другое место, в то же время она служит достаточной защитой от холода, зноя и непогоды. Действительно, в юрте в то время, когда горит огонь, довольно тепло, даже в самый сильный мороз; войлочная оболочка такого жилища отлично защишает от жары и дождей, хотя бы самых проливных"[7] деп бир эсе танданууу, бир эсе сыймыктануу менен жазат. Мындай пикирлерди анын замандаштары П.П.Семенов-Тянь-Шанский, Ч.Валихановдор да жазышкан. Муну андан да арылата алганда орто кылымдагы Марко Поло өндүү көптөгөн саякатчылардын, андан да арыласак антикалык доорду чагылдырган тарыхый булактардан кездештирүүгө болот.

Илимий маалыматтарда жана башка басылмаларда атайыланган жана

[6] В.М.Плоских, жогорудагы эле эмгегинде 67-68 беттер
[7] В.М.Плоских, жогорудагы эле эмгегинде 205-06 беттер

терендетилген даректер аз болсо да, алачыктардын – буума, сайма, жапма; боз үйлөрдүн – жолум үй (эң кичинекей боз үй), боз үй жана өргөө (өзгөчөлөнүп жазалгаланган чоң боз үй) деген аталыштагы түрлөрү белгиленет. Бирок алардын аталыштары учураганы менен (алачыктар боюнча) анын тизмектелишиндеги ыраттуулук болбогондугун ачык эле айтып койсок болот. Анын бири, алардын пайда болуусу тарыхый өнүгүүлөргө да, эволюциялык өнүгүүгө да байланылбаган. Натыйжада ушундай, ушундай алачыктар болгон делип туш келди удаалыштыкта аталынган, дагы бири чөп менен жабылган алачыкты *чөп алачык*, кийиз менен жабууланган алачыкты *кийиз алачык* деп атоолор кездешип, анын негизин түзүүчү каркастык тутумуна маани берилгөн эмес. Анын коллективдүү расмий эмгекте бир нече түрлөрүнүн аталыштары аталат да, катарланышы төмөндөгүчө берилет: чөп алачык, жапма алачык, буума алачык, сайма алачык.[8] Мында жогоруда да эскерилгендей эң негизин түзүүчү каркастык конструкциясына жана мыйзам ченемдүүлүк боюнча жөнөкөйдөн татаалга эволюциялык өнүгүүсү ырааттаалган эмес. Демек алачыктардын түрлөрүн ой жүгүртүү менен да болсо иреттөө алдыда турат. Бул эмгекте алардын эволюциялык өнүгүүлөрүнө таяп, биринен бирине өтүүдөгү өзгөчөлөрүнө баа-баян берүү менен далилдүү ыраттуулукка салууга аракеттенилди.

Буума алачык – алачыктардын эң алгачкысы болуп эсептелинет. Ал бир нече узун, түз таякчалардын ылдыйкы учтары тегерекче тартыла жерге жайгаштырылып, экинчи жогорку учтары учкайыраак жеринен кайчылаштырып бириктирилип, жип менен буулуп, сыртынан жабууланган. Буума алачык эң башы анча узун эмес үч таякчанын башын бириктирүүдөн башталып, анын саны убакыт өтө бир аздан көбөйүлө да, узундугу да узара баштаган. Ошентсе да бул турак жай тегиздикте жайгашылган тең капталдуу конус үлгүсүндө болуп, каптал бетинин негизине чукул жантыктыгынан ички аянтча тар жана чүмбөттөлө жабылуусунан үй ичине жарыктын түшүүсү болбойт. Ошондой эле атайыланган эшикче да жоктугунан кирип чыгууга оңтойсуз болгон.

Сайма алачык – буума алачыктын андан ары өнүгүүсүндөгү алачык. Андан ага эки чоң олуттуу озгөрүү киргизилип, анын биринде жерге жайгашылуучу таяктарынын ылдыйкы бөлүгүнүн бир аз жерин иймектете ийип, б.а.уукка типтеш үлгүгө келтирилип, ал уч жерге сайылат. Экинчисинде, таякчанын жогорку учу өтө жөнөкөй алкакчага бекитилип байланат. Демек, таякчалардын төмөнкү уч жагынан ийилип бөйрөктөлүүсүнөн жана алкакчаны колдонуудан ички пайдалуу аянтча кеңеет, үйчөнүн ичине сырткы жарыктын кирүүсү камсыздалат, көлөмүнүн чоңоюусунан кирип чыгуу да бир азга оңтойлонот. Сайма алачыктын андан да ары кошумча түрдө өнүгүлө түшүүсү анын ички аянтын кеңитүүгө жана кураштырып тургузууга ыңгайлуулукту көбүрөөк камсыздоо максатында кошумча төмөндөгүдөй өзгөртүүнүн киргизилишинен турат. Анда жогорку

[8] Кыргыз Совет Энциклопедиясы, 1976 ж., 1-том, 153-бет.

жагындагы алкакча тегеректелип дыкатталып жазалып, ага айрым толуктоолор киргизилет. Бир кулачча эки ичкерээк талды жаача кылып ийип, алардын учтары бир бирине каттай кабылыштырылып көк менен бекитилет. Ал түндүк сымал тегерекче тартылган көп бурчтуктун же ал алкактын тулкусу баштан аяк сызма же жоондугу сөөмөйдөй жип менен ачык оролот да, таякчалардын экинчи учу оролгон жиптепге аралата сайылат. Уукка типтеш таякчалары узартылат. Үстү адаттагыдай эле жабууланат. Демек булардан таякчалардын жогорку учун алкакчага (түндүкчөгө) байлоо машакаты жоюулат да, аларды бийиктелгенине карабай жерден туруп эле саюу камсыздалат. Мындан аянт дагы кеңеет, кирип-чыгууга орун бөлүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт.

Жапма алачык – алачыктардын эң соңку түрүнөн болуп саналат. Ал негизинен өзүнүн алдындагы алачыктардагы өзгөрүүлөрдөн улам өлчөмүнүн туурасынан да, бийиктигинен да өсүшүнөн жабылануусу татаалданат. Бул жагдайда жабылуучу материалдар (эмеректер) алдын ала атайыланып даярдалат.

Болжолдоолордо алачыктардын жогорудагыдай буума, сайма, жапма болуп аталып калышы, анын негизги өзгөчөлүктөрүнө негизделинген го. Албетте буума алачык таякчаларынын жогору учтарынын буулушунан, сайма алачык аяккы учтарынын иймектелип туруп, жерге сайылышы жана жогорку учтары буулбай адегенде тегерек сымал бурчтуктарга байлана, кийинчерээк чоңоюп бийиктешинен сайыла башталганына, жапма алачык алдыңкыларынан өркүндөлүп олтуруп, көлөмүнүн өсүшүнөн жабууланууусунун бир нече бөлүктөрдөн куралып татаалданышынан болсо керек. Ушундайлардан улам жогорудагыдай ой жүгүртүүгө токтолуумду – учурда айрым бир жазмачыларда кездеше калуучу алачыктар жөнүндөгү жарым-жартылай маалыматтарды иретке келтирүү маселесин тактоо, чечмелөө деп да эсептээр элем.

Жолум үй - көчмөндөрдүн турак жайынын экинчи этаптагы андан ары өркүндөлүшүндөгү турак жай болуп эсептелет. Ал жапма алачыкка азыркы кереге түспөлүнө салынган эмеректи кошумчалап колдонуудан турат. Аталган эмерек белинен бир аз жаа түрүндө иймектелген бир кулачтан ашыгыраак бир нече таякчаларды бир бирине бир нече жеринен кайчылаштыра байлоо (кийинчерээк көктөө) менен торчолонуп даярдалат. Анын эң жогорку кайчылашкан ачакей баштарына башы иймекче келген узунураак таякчаны (уукту) улап байлап, анын экинчи учу адаттагыдай эле эң жогорку бөлүгүндөгү алкактагы (түндүкчөгө) анын көзчөлөрүнө сайылып бекитилет. Жолум үй кийин боз үйлөр кеңири пайдаланып калган кезде деле жашоо деңгелине карата кул-күңдөрдүн, кедей-кембагалдардын негизги турак жайынан болгон. Ошондой эле, ал өтө чукул убактыларга, өзгөчө жоокерчиликте, соодагерчиликте, малды тез өзгөрмөлүү убактылуу шарттарда көздөөдө пайдалана коюучу турак жай да болуп колдонулуп келген. Мындай учурларда керегесиз эле уук менен түндүктү гана колдоно койгон учурлар да болгон.

Ошентип, көчмөндөрдүн турак жайынын өнүгүүсүндө керегенин үстүнө жапма алачыкты отургузуу менен азыркы боз үйдүн алгачкы чакан үлгүсү пайда болуусу – алачыктардан боз үйлөргө өтүүнүн бурулуш мезгилинен болгон. Биз жогоруда жашоого ыңгайлуулукту камсыздоо иретинде алачыктын эң жөнөкөй түрлөрүнөн улам андан бир аз болсо да татаалдашкан түрлөрүнө өтүп олтуруп, андан да өтүп кадимки боз үйдүн алгачкы түрүнө – жолум үйгө жетишкенибизди айтып өттүк. Андан соңку кадам ошол эле үйдүн ар бир эмеректеринин дагы тереңделе ыңгайланып жазалышынан, анын сапатын көтөрүүгө өтүлгөн. Тактап айтканда анын андан аркы өнүгүүсүндө ички пайдалуу орунду кеңейтүү, кирип-чыгууну ыңгайлоо, көчүп-конууда чечип жыюуу (бүгүү), кайра тигүү, унаага жүктөө, түшүрүү жана ташуудагы ыңгайлуулуктарды жакшыртууну тереңдетүүгө байланышып, анын негизин түзүүчү жыгач эмеректеринен болгон кереге, уук, түндүк, эшиктин өзгөрүүсүнө карата анын тутуулары (жабуулары), боочуулары, жазалгалары, жабдуулары өзүнөн-өзү өзгөрүүлүгө аргасыздалып турган.

Демек, боз үй тобундагы курулмалар (жолум үй, боз үй, өргөө) керегесинен, уугунан, түндүгүнөн, эшигинен өзгөрүлүп, тийиштүү тартипте аз да болсо бир биринен өзгөчөлөнгөн жаңы аталыштагы турак жайлардын жаралуусуна алынып келинген. Ал өзгөрүүлөр негизинен төмөндөгүлөрдөн турган:

- Керегелер боюнча: ал анын таякчаларынын жогорку бөлүгүн бир аз артка, калган тулкусун бир аз бөйрөкчө тарттыра ичин карай ийүү менен жазалышынан жайганда айлана тартып жайылышы жана дубалдык бөлүгү болуп тике туруусу камсыздалган. Кайчылашкан жерлерин көзөп, жип сымал тилинген чийки тери (көк) менен тыкат бириктирүү (көктөө), аны ар дайым байлаштырууга жана чечүүгө жипчелерди колдонуу машакаттарын жок кылган.

- Ууктун өркүндөлүшүндө: анын ылдыйкы иймек башынын ийилүү бурчу жана ал пайда болгон жаачанын узундугун шартка жараша ылайыкташтыруу менен бирге, боюунун узундугун узартуудан үйдүн көлөмүн чоңойтуу камсыздалган.

- Түндүктүн өркүндөлүүсүнөн: биринчиси, кичирээгинен чоңураагына өтүүдөн, экинчиси алкакка тегерете көзчөлөрдүн жазалышы – ууктун жогорку учун алкактагы оронулган сызма же жипке аралата сабоого караганда алда канча ыңгайлуулукту камсыз кылат. Ошондой эле алкактын ортолоруна чамгарактардын жазалышынан (бир бирине перпендикуляр түрүндө каршы-терши бөйрөктүү таякчалар) – боз үйдү тигүүдө, түндүктү ача баканга анын кайчылашкан жеринен илип, бийиктикке көтөрүүгө, керегинде кайра жерге түшүрүүдө, ошондой эле алардын сыртынан жабылган түндүк жабуунун томпок болуп жабылып, жаан-чачындан сактануу, жылуулукту жана жарыкты тескөөдөгү шарттар түзүлгөн.

Жогоруда аталган бардык өркүндөтүүлөрдөн аянтты чоңойтуу, бүгүү, тигүү гана жеңилдебестен табигаттын, жаратылыштын кубулуштарына да

байымдуулугу камсыздалган.

Боз үй – көчүп жүрүүгө ылайыкталган жолум үйдөн кийинки, боз үйлөр тобуна кирип, анын эң негиздүүсүнөн болгон турак жай. Тарыхта анын эки түрү – түз жерде жашагандар – сүйрөмө, тоолуу жердегилер – жүктөмө түрүн колдонушкан. Кыргыздар жашоо шартына ылайык жүктөмө түрүн пайдаланган. Ал дүйнөлүк илимий эмгектерде "кыргыз үй" деп да аталат. Ошентип, боз үй тоолуу жерде жашаган көчмөн эл бат тигип, бат чечип жүктөп жүрүп кетүүгө оңтой да муктаждыктардан келип чыккан. Анын уук-керегелери ичке, жеңил жыгачтардан жазалып, кийиз менен жабууланган. Кийиз кышында суукту, жайында ысыкты өткөрүүгө тоскоолдугу чоңдугу менен айырмаланат.

Өргөө – актыгы, кооздугу жана чоңдугу менен өзгөчө айырмаланган боз үй. Ал "ак өргөө" деп да аталып, бүткүл мүмкүнчүлүктө кооздолуп, эң кичинеси 6, чоңу 12 канатка чейин жеткен. Бөлөк боз үйлөрдөн обочо же бийигирээк жерге тигилип, ага уруу башчылар, кол башчылар жайгашылып, маанилүү сүйлөшүүлөр, чоң сыйлуу меймандарды күтүү, ар кандай шаан-шөкөттөр өткөрүлгөн. Башкача айтканда, хандын хан сарайы, резиденциясы, кол башчынын штабы катарында милдет аткарган. Өргөөдө чыгдан тартылбаган, адаттагыдай эле эр жагына эркектин, эпчи жагына аялдын кийим-кечектери, буюмдары жайгашылган. Өргөө кийинчерээк колунда бар ылдыйраак баскычтагы мансаптуулар жаңы үйлөнгөн балдары, кадырлуу коноктор үчүн да көтөрүлгөн. Бара-бара эскиргени катардагы үй катарында пайдаланууга өткөн.

Боз үйдүн эң кийинки өркүндөштүрүлүүсү – көлөмдөрүн андан да чоңойтуу, комплекстүү максаттуулукту камсыздоо иретинде эки же андан да көп боз үйлөрдү жанаштырып кошуп тигүү менен биринен бирине, ошондой эле четки бир нече үйлөрдөн борбордук үйгө кирүүнү шарттоолордон турат. Мындай үйлөр эн байыркы тоо көчмөндөрүнүн архитектурасын чагылдырган илимий эмгектерде, Манас эпосу баш болгон кыргыз эпосторунда белгиленгендей хандык ордолорду түзүүдө колдонулуп келген. Боз үйлөрдүн ошол мезгилдердеги жазалышынын, жазалгалашынын, тигилишинин жана пайдаланышынын ыкмалары бүгүнкү күндөгүдөн олуттуу түрдө айырмаланбаган. Ошол эле эмеректерден жана ал эмеректер ошол эле аталыштарында болуп, баардык мезгилде бир гана милдеттерди аткарган. Эң акыркы мезгилдерде бир гана жаңылык киргизүү, үстүнө да жайларды жазоо, башкача айтканда кабатталган катмарларды түзүү кошумчаланган. Ал эми декаративдик жазалгоолор ар дайым тынымсыз өнүктүрүлүп турган.

БОЗ ҮЙ - ТОО КӨЧМӨНДӨРҮНҮН ТУРАК ЖАЙЫ

Б.з.ч. 2-миң жылдыктан башынан баштап Борбордук Азиянын, Түштүк Сибирдин элдеринин бир бөлүгүнүн кол өнөрчүлүк менен дыйканчылыктан мал чарбачылыгына өтүшкөндөрү белгилуу.Алардын жашоо-тиричилиги кесиптерине карата көчмөндүлүккө негизделип, анын да бир бөлүгүнүн көчүп-конуусу көз мелжиген түздүктөрдө, адырларда, майда бөксө тоочолордо, а дагы бир бөлүгүнүн көчүп-конуусу асман тиреген аскалуу, ак мөңгүлүү, тоо-таштуу аймактарга туура келген. Карт тарых да аны көчүп-конуулуучу аймактарына карата "талаа көчмөндөрү" жана "тоо көчмөндөрү" деп бөлгөн.Ошондой эле мындай шарттагы жашоо-тиричиликтеги эң негизги зарылчылыктан болгон көчмө турагы да бир – биринен олуттуу айырмаланган. Тагын айтканда түздүктөр, адырлар , майда бөксө тоолор боюнча көчуп -конуучуларда (хуннулар , дунху, сяньби ж.б.уруулар курамында) аттарга, өгүздөргө, төөлөргө чегилуучу дөңгөлөктүү арабанын үстүнө курулмаланган , ал эми бийик тоолуу аймактарында көчуп – конуучуларда (кыргыз уруулары) ар бир эмеректерине чейин ажыратылып туруп, унаага жүктөө жана мерчемделген жерине жеткенде кайра курай салма турак жай күтүнүлгөн. Булар илимий эмгектерде "сүйрөтүлмө" жана "жүктөлмө" делип белгиленген.

Арабачага орнотулуп сүйрөтүлүп жүрүүчү турак жайлардын каркастары: дубалдары үч-төрт же андан да көп бурчтуу, айрым учурларда айлана түрүндө да болунуп шыргыйлардан, тактайчалардан , атайланып тал чыбыктардан токулган токулмадан да тургузулса , а үстүлөрү (куполу) жан жактарына жантайылма же кесилген пирамида , конус же пирамида, конус өңдүү үлгүдөгү курулмадан тургузулган. Ал эми жүктөп жүрүчүүлөрдүкү сергек акылдан, чебер колдон бүгүүгө (жыюууга), тигүүгө (жаюууга) ыңгайланылып, дубалы бир аз иймеленген чабакча жыгачтардан параллелограмма сыяктуу жайылууга да, жыйылууга да жөндөмдөлүп, каршы-терши эки катталына торчолонуп жазалган «кереге» , а үстүлөрү кесилген конус үлгүлөнүп, башынан бираз иймек, калган бөлүгү түз келген «уук» аттагы таякчалардын башы керегенин кайчылашкан башына байланып, аяккы учу эң жогору жагындагы айлана үлгүсүндөгү «түндүк» аттагы алкакка сайылышын камтыган курулмадан турулган. Ал «Боз уй» деп аталган.(Бул боз үйдүн орто кылымдарда түрк-монгол элдеринин айрымдарына таралышына карата ар кандай аталыштарга ээ болунуп да кеткен.Ошондой эле ал ошол мезгилден тарта түрк-монгол элдеринин турагы делинип да жалпылана атала калышына да жол берилилиши учураган).

Жогорудагы туректар көбүнчө кийиз менен жабууланган. Андыктан ал замандагы турак жайларды чагылдырып жазуучу саякатчылар, тарыхчылар (кытай, перс, грек ж.б.) ал көчмөндөрдүн турагын « кийиз менен жабылган үйлөрдө жашашкан» деп жазышып , анын жогорудагы

ички каркастык конструкцияларына маани беришкен эмес. Мындай чагылуулар соңку кылымдарда гана өз-өз нугуна б.а. алачыктарга, чатырларга жана боз үйлөргө ажыратуу башталган. Бул тууралуу көчмөндөрдүн турак жайлары боюнча россиялык ири окумуштуу С.И.Вайнштейн «Нередко юртами называют совершенно различные типы жилищ : охотничьих, скотоводческих, а также иногда оседло-земледельческих народов – от чума (конического шалаша) до многоугольных срубов. Любое упоминание в источниках о наличии у того или иного народа, крытого войлоком, рассматривается отдельными авторами как указание на существование у них юрт»[9] деп так көрсөтө жазган. Демек, көп мезгилдерге чейин дубалы цилиндр, куполу пирамида, конус түрүндө болунуп б.а. сырткы үлгүсу боз үйгө типтештигинен жана анын кийиз менен жабылышына карата ал курулмалардагы турак жайлар "боз үй" деп жазылмаланышына жол берилип келген. Мындай чаташууларга окумуштуу Л.Г.Нечаева эмгегинде жагдайды туюк болсо да жалпылап «… термином «юрта» лишь «весма» условно из-за неразработанности терминологии» деп белгилеген.[10]

Ырас, көчмөндөрдүн турак жайынын тарыхын изилдөө кеч да болсо т.а. XIX кылымдын аягынан баштап колго алына башталган. Ага ал кездеги жана кийинки кездердеги анын көрүнүктүү өкүлдөрүнөн болгон - Н.Харузин, Н.М. Щепетильников, С.И.Вайнштейн, Л.Г.Нечаева, А.К.Абетеков өндөнгөн көптөгөн изилдөөчүлөр кайрылышкан. Алар адаттагыдай эле ал мезгилдердеги көчмөндөрдүн жашоо-тиричилигин чагылдырган эмгектерге, айрым археологиялык табылгалардын маалыматтарына таянышканы менен суроону алыстан таштап, ар аймак боюнча көчмөндүүлүктүн келип чыгышы жана анын түрлөрү, о.э. аны менен катар турак жайларынын пайда болуусу жана мезгил өтө алардын өнүгүүлөрүнө илимий иретүүлүк берилген эмес. Ушундан улам бүгүнкү күнгө чейин алачыктардын түрлөрү жана андагы бир биринен өзгөчүлүктөрү тыянакталбаган. (Буга "Көчмөндөрдүн турак жайларынын өнүгүүлөрү" аттуу өз макаламда[11] кайрылганым болгон). А боз үй тууралу кеп козгобой эле коёлук. Ушулардан улам ал качанкы жана кимдин турак жайы делген суроо коюуу чаңга аралашылып, эч бир жоопсуз келе жатылат. Республикабыздан чыккан боз үйгө кайрылышкан изилдөөчүлөр С.М Абрамзон, Е.И. Махова, К.И. Антипина, Б. Алымбаевалар, чектеш казак республикасынан чыккан академик А.Х.Маргулан, Маховенская П.Е., М.С. Муканов дор да боз үйдүн жазалышына, тигилишине, жазалгаланышына, пайдаланылышына гана токтолушуп жогорудагы талылуу суроону кыйгап өтүшкөн. О.э боз үй жөнүндө көптөгөн эмгектерди жазган кыргыз-этнограф А.Акматалиев, кыргыз эл жазуучусу К.Жусуповдор да сөз

[9] С.И.Вайнштейн, Проблемы истории жилища степных кочевников, Советская этнография, №4,1976, 42-43 беттер.

[10] Древнее жилище народов Восточной Европы , М.,1975 китебинде «О жилище кочевников юга Восточной Европы» , 13-бет.

[11] М. Чокотегин. Интелект, чыгармачылык жана турмуш журналы №2, 2006 ж, 41-44 беттер.

козгошкон эмес. Мындайга өзүм да илимий китепчемде да бир багытты кармоо максатында жол бергемин[12]. Кезекки кебибизди жогорудагы Борбордук Азиянын, Түштүк Сибирдин байыркы көчмөндөрүнүн турак жайына жалпы кыскача баяндама берүүбүздөн соң, негизги сурообузга б.а. боз үйдүн качанкы жана кимдин турак жайлыгына буруп, анын качанкылыгына илимий булактардан шилтеме келтирүүдөн баштасак. Окумуштуулар эмгектеринде: А.М.Хасанов «... юрта была известна уже древним кочевникам»[13] десе, Н.М.Щепетильников «время возникновения юрты установить невозможно, она уходит в глуб веков»[14] деп көрсөтүшөт. Калемгер С.Абдраманов макаласында кыргыз энине тили менен катар боз үйдү коёт. О.э. анда ал «орус академиги Л.Гумилёв көчмөндөрдө б.з.ч. 1200-ж.ж. тушунда боз үй пайда болсо керек деген тыянакка келген. Албетте, бул деле жеңил-желпи айтыла койгон пикир эмес. Себеби байыркы жазуулардагы маалыматтар, археологиялык изилдөөлөрдүн натыйжалары, колдун келишинче, мүмкүн болушунча эске алынып, ошогездеги илимий усулдар менен талдоо жүргүзүлгөн да" деп жазат. Андан ары казак акыны О.Сулейменов тил изилдөөлөрүнө арнаган китебинде шумер доорунда жазылып калган боз үй түрүндөгү белгини келтиргенин жазып, көрүнүп тургандай, ал белги кадимки түндүк, эшик-каалга, үзүк-туурдук, боолору бар боз үйдүн келбетин берет делген саптарды келтирген[15].

Белгилүү окумуштуу-археолог академик А.П. Окладников эмгегинде[16] «Пользование в карасукскую эпоху (X11 в до н.э.) легким разборным жилищем также вполне возможно, поскольку в последующее, тагорское время настоящая кошмовая юрта была, по-видимому, достаточно распространена, если нашли необходимым изобразить её на скальном рисунке тагарского поселка в одном ряду с деревянными и саманными избушками"десе, окумуштуу С.В. Киселев да өз эмгегинде[17] төмөндөгүлөрдү көрсөтөт: "Копенское поселение показывает, что быт населения в кыргызскую эпоху был своеобразен. В нем очень сильны были черты кочевничества. В этом, прежде всего, убеждает форма жилищ. От них по поверхности почвы остались многочисленные округлые и овальные углубления. Всего в настоящее время их уцелело до пятидесяти раскопки двух из них и рекогносцировка третьего и четвертого показали, что эти неглубокие выемки диаметром в 12-15 м, служившие некогда местом, над которым устанавливалось легкое жилье сооружение. Поскольку не было обнаружено никаких следов столбов и кольев, это было, очевидно, юрта. У двух из этих углублений, отличавшихся большей глубиной (до 60 см), до сих пор сохранились остатки наклонных сходов между обширными

[12] М.Чокотегин. Боз үй-байыркы бабаларыбыздан мурас турак жай. Б.,2007 ж.
[13] А.М.Хасанов, Социалная история скифов,М.,1975,271- бет
[14] Н.М.Щепетилников, Архитектура Монголии, 1960, 20-бет
[15] С.Абдраманов, Өз энибизди тааныдыкпы?, Кыргыз адабияты, №5, 2008 ж.
[16] А.П. Окладников, История Сибири, Том 1, Л., 1968, 161-бет
[17] Кыргызы (источники,история,этнография) Б., 1996 китебинде Древняя история Южной Сибирии, 269 бет.

углублениями расположены в большем количестве меньшие, диаметром в 1-3 м. Такие ямы существовали на территории поселения с самого его возникновения, ещё до расчистки углубленных площадок для установки юрт". Бул сыяктуу далилдерди жергиликтүү окумуштуу Е.Е.Кузьминанын эмгектеринен да кездештирүүгө болот.

Ошентип боз үйдүн эң байыркылыгына эң жогорудагылардай жазма тарыхый материалдар менен бирге археологиялык казуулардан аныкталган маалыматардан, аскаларга тартылган сүрөттөрдөн көп эле далилдерди келтире берсек болот. Андыктан анын эң байыркылыгында эч күмөн жоктугуна ар тараптуу да, так да илимий далилдердин жетиштүүлүгүн баса белгилесе да болот.

Боз үйдүн калыптануусу албетте көпкө созулгандыр, бирок окумуштуулардан анын алгачкы калыптануусунан бери кеминде 2,5 миң жыл өтүп, анын эч өзгөрүүсүз узактан бери келе жатышын белгилешкендери четтен. Бул тууралуу окумуштуу С.И.Вайнштейн өз эмгегинде аларды жалпылап « ... на протяжении свыше двух с половиной тысячилетий не претерпело изменений»[18] деп да көрсөткөнү бар. Мунун айныксыздыгын өзүбуздун Манас эпосунан деле көрүүгө болот. Байыркы заманда эле жыгачтары азыркы кереге, уук, түндүк, босого-таяктардан жана жабуулары туурдук, үзүк, түндүк, эшик жабуулардан турса, бүгүнкү күндө да ошол эле эмеректерден тураарынан туюуу кыйынга деле турбайт. Бул мындан ары да кандай маданий-техникалык өнүүгүү болсо да күнү бүгүнкүсүндөй болорлугунан кабар берет.(эмеректердин даярдалышында бираз өзгөрүүлөр болгондур, ал эми декаративдик толуктоолоор бүгүнкү күндө да бар). Демек, учурундагы устат бабаларыбыз ошондогу курулмалардын татаалдыгына карабастан аны көнөрбөстүк кылып жаратканын белгилеп койсок да болот.

Экинчи сурообузга жоопту - боз үй кимдердики экендигине көз алдыга Борбордук Азия , Түштүк Сибир аймагын байыртадан байырлап келген уруулардын жашаган аймактарын тартуу менен баштасак. Сөзүбүздүн өзөгүнө ошондогу албан аймактуу да, айбатуу да ири уруулардан болгон хунну урууларын, андан соң кийин-кийин эле калыптанышса да бүгүнкү күндө боз үйдү кеңири пайдалануучулардан болгон монголдорду тартсак эле жетиштуу болчудай.

Хуннулар б.з.ч. 1-миң жылдыкта, тагын айтканда У1-У кылымдарында байыркы кытайдын Хуанхе дарыясынын боюнда жайгашкан мамлекеттердин түндүк-батыш кошуналары болгон. Анын чыгышында азыркы монгол тилинде сүйлөгөн калктардын байыркы ата-тегинен болгон дунху уруулары, батышынан юечжилер (тохарлар), түндүк-батышынан кыргыз уруулары, түштүк - батышынан б.з.ч. 111- б.з. У кылымдарына чейин өзгөчө тарыхый роль ойногон көчмөн элдердин бири – усундар жайгашкан. Мында кыргыз уруулары жердеген жерлерден бөлөгү дээрлик түздүктөрдө жана анча – мынча дөңсөлүү келген жерлерде болгон. Ал эми Борбордук Азиянын батыш

[18] С.И.Вайнштейн, жогорудагы эмгегинде 44-бет.

тарабы б.а. азыркы Казак Республикасынын аймагы (Сары-Арка, Сары-Өзөк, Бетпак –Талаа ж.б.), Өзбек жана Түркмөн Республикаларынын аймагы (Туран ойдуңу, Кызыл Кум, Кара Кум ж.б.) талаа, жарым чөл, чөл ээлеп айрым бир жерлеринде гана дөңсөлүү келген жерлерге туура келген. Мындай шартта жогоруда айтылгандай ажыратылып жүктөмө турак жайды күтүүгө караганда жерге кыймылдагыс болуп орнотулган же арабачанын үстүнө бекитилип курулуп, сүйрөтүлүп жүрүүчү туруктын алда канча ыңгайлуулугун байкасак деле болот. Ал эми аймагы дээрлик Гоби чөлүнө туура келген монголдор да ушул эле шартта экенин айтпасак деле белгилүү дечи. Демек биз мындан кайсы аймактардын жана андагы жашаган кимдердин сүйрөтмө турак жай күткөн – талаа көчмөнү, ошондой эле жыйма турак жай күткөн - тоо көчмөнү экендигин аңдап, бул далилдерди табыяттан тартууланган табыгый далил катары өзгөчөлөп бааласак болот.

Далилдерибиздин уландысын тарыхый жазма булактарга, археологиялык табылгаларга, маданий эстеликтерге орун берсек. С.И.Вайнштейн Римдик белгилуу жазуучу, тарыхчы Тацит П.К.нын жолун улоочу, антикалык коомдун эң акыркы ири тарыхчыларынан болгон , Түштүк-Чыгыш жана Борбордук Европадагы уруулар боюнча баалуу эмгектери менен өзгөчө айырмаланган, ошол эле римдик Аммиан Марцеллинден сакталып калган «… что гунны не имеют даже шалашей и постоянно кочуют в кибитках» (история XXX1,2,10) деген анын саптарына таянып, «не знали юрту ни хунну в Центральной Азии и гунны в Европе»[19] деп көрсөтөт . Монголияда Чынгыз хандын жооруулунан баштап алардын тоолуу аймактарга кабылышынан жана армиясынын басымдуу бөлүгүн кыргыз уруулары баш болгон түрк урууларынан түзүлүүсүнөн т.а. X111 кылымдын биринчи чейрегинен тарта боз үй аралашыла колдонула башталган . Бул тууралуу жогорудагы эле окумуштуу «Но уже с 30 – годов X111 в, монголы несомненно знали и разборную юрту»[20] деп жазат. Архитектуранын дүйнөлүк тарыхын баяндаган 12 томдукта « Жилища монголов X111 в, можно подразделить на два типа: передвижные жилища установленные на телеги и сборно-разборные юрты»[21] делип чагылылат. Боз үйдү ушундай эле жол менен кийинчерээк болсо да т.а. карт тарыхка «Улуу Түрк Каганаты» делип кирген б.з. У кылымындагы ашина уруусунун урпактарынан болгон түрк урууларынын айрымдарына да таралылган. Бирок алардын өз акыл эмгегинен жаралып, канына сиңилбегенинен тез эле пайдаланууусунан айрымдары жокко эселикке чейин сейректетишкен же биротоло эле калтырышкан.

Ошентип жогорудагы тарых маалыматтарынан улам, боз үй тоо аймагынын жашоочуларынын көчмөндүүлүккө тагдырланышынан берки турак жайлыгын белгилесек болот. Демек ага тузөң жердеги көчмөндөргө

[19] С.И.Вайнштейн, жогорудагы эмгегинде 44-бет.
[20] С.И.Вайнштейн, жогорудагы эмгегинде, 54-бет.
[21] Всемирная история архитектуры, М-Л., 1971, т.9, 592-бет.

конструкциясы татаал боз үйгө караганда эң жөнөкөй да, ыгайлуу да арабага орнотулуп унаага сүйрөтүлүүчү туруктын керектиги, ал эми тоо-таштуу тайгак, аска-зоолуу, өзөн-суулуу, чытырман токойлуу жерлердеги жалгыз аяктуу жолдор менен жол жүрүп көчүп-конуучуларга арабага орнотулуп, унаага сүйрөтүлүп журт которуучу туруктарды пайдаланууусуна мүмкүнчүлүк болбостугунан, ажыратылып, жыйналып унааларга жүктөлмө турак жайдын зарылдыгы болунган. Бул турмуштук ынаным көчмөн турагынын тарыхы боюнча ири окумуштуу эмгегинде: "Юрта имела лишь один существенный недостаток сравнительно с предшествующими типами жилищ степных кочевников: ее остов нельзя было изготовлять как прежде, в каждом кочевом хозяйстве. Изготовление решеток было доступно лищь особым мастерам-ремесленникам" делип көрсөтүлөт.[22]

Ушулардан соң кезекте жогорудагы бийик тоолуу аймактын чыныгы көчмөндөрү кимдер деген да суроо туулушу турулуу дечи . Демек буга тарых дарегине ишенимдүү таянып Борбордук Азиянын, Түштүк Сибирдин бийик тоолуу Энесай, Саян-Алтай Алатоо аймактарынын ааламда көчмөндүүлүк пайда боло электигинен да мурунку калкы болгон кыргыз урууларын атоого болот. Ал көчмөндүүлүктүн типтүү үлгүсүн жон териси менен тартып, ушул аймактарда дыйканчылык менен кол өнөрчүлүктөн мал чарбачылыгы бөлүнө баштаган коло доорунан б.а. б.з.ч. 2 - миң жылдыктын башынан б.з. XX кылымынын 30 - жылдарына жете жылдын баардык мезгилдериндеги болгон жашоо-тиричилигинде такай колдонуп келген бирден бир турак жайы экендиги талашсыз. (Анын соңку мезгилиндегилерин өз көздөрү менен көргөндөрүбүз да бүгүнкү күндө арабызда көп) Бул монументалдык далилибизге бүгүнкү күндө да дүйнө элинен кыргыз жерин, элин боз үйдүн түп мекени катары карап, мекенибизде мезгил-мезгилдеринде эл аралык симпозиумдардын өткөрүлүшү бекеринен эместигин кошумчалоого да болот.

Ошентип, жогорудагы келтирилген ар тараптуу көптөгөн илимий далилдерге таянып- **боз үй бери жагы 4 миң жылга жакын өмүрү бар, бийик тоолуу аймактардагы байыркы көчмөн кыргыз урууларынын көөнөрбөс турак жайы дешке толук акылуубуз.**

[22] С.И.Вайнштейн, жогорудагы эмгекте 46-бет.

БОЗ ҮЙДҮН ЖАСАЛЫШЫ

Боз үйдүн жасалышы кол өнөрчүлүктүн көптөгөн түрлөрүнө таянылган. Андыктан аны окуп үйрөнүүгө алдын ала бир өңчөйлөнгөн топторго бөлүүбүз мааниге ээ болмокчу. Менин оюмча алар төмөндөгүдөй үч топко бөлүнүүсү иреттүүлүктү да, түшүнүктүүлүктү да камсыздамакчы.

1. Боз үйдүн жазалышына керектелүүчү материалдар жана алардын колдонууга алгачкы ирет даярдалышы.
2. Боз үйдү жасоодо колдонулуучу жабдуулар жана аспаптар.
3. Боз үйдүн жасалышындагы жумушчу операциялар.

I. Боз үйдүн жасалышына керектелүүчү материалдар жана алардын колдонууга алгачкы ирет даярдалышы:

ЖЫГАЧ - боз үй жасоочулукта б.а. анын кереге, уук, чамгарак, түндүк жасалуучу негизги материалы болуп, андан тал, кайың колдонулуп келген. Алар негизинен табигый токой тилкелеринен кыркылып даярдалган. Кийинки убактарда буга кошумча атайылап колго тал өстүрүү колго алынган. Бул эки дарак тең тез өсүп, иштетүүгө да жеңил, бышык да келет. Тал кайыңга караганда тезирээк өсөт, кеңири да тараган, кабыгы оңой аачылат, жонууга, көсөөгө жумшак келет, салмагы жеңилирээк келип бир гана бышыктыгынан бир азга артта калат.

Талдар өз ичинде жеринин шартынан, суу менен камсыздалышынан айырмаланышат. Дың, катуу ал тургай таштак жерге өстүрүлгөн талга караганда, ошол эле талдын түрү жумшак, семиз, сазча жерде өскөнүкү өзөктүү келет да, бышыктыгы анча болбойт. Албетте мындай тал менен иштөөдө кыйынчылык көбүрөөк болот.

Талды кыркуу (кыюу) бышыкчылык мезгилинде, башкача айтканда кеч күздө жалбырагы саргайып түшө бүтүп калгандан жер жылып, жазгы тиричилиги жандана элек мезгилде жүргүзүлөт. Мындайлык анын биологиялык өзгөчөлүктөрүнө байланышылган. Тагын айтсак: даректардын камбийи менен өзөгүнүн ортосундагы суу жана андагы эриген туздарды өткөрүүчү татаал ткандар болот да, ал анын негизги массасын түзөт. Ал жыл өткөн сайын картайып "өлө" баштайт б.а. андагы трахеиддер, түтүкчөлөр бүтөлөт да сууну өткөрбөй калат. Суунун өтпөй калышы менен крахмал, май азайып, чайыр, ийлегич заттар көбөйөт. Натыйжада жыгач кочкул тартып, нык бекем болуп микроорганизмдерге туруктуу боло баштайт. Жыгачтын бул бөлүгү ядро, сырткы ачык түстүү бөлүгү кыртыш деп аталат. Демек мындай нык, бекем бөлүктөн жыгач пайда болуп, анын чарбачылыкта пайдалануусуна шарт түзүлөт. Ал эми дарак бүрдөп турган учурунда жогоруда эскерилген "өлүү" катмарына кошумчалануучу жаңы катмардын пайда боло башташынан, жазгысына чейинки жана андан кийинкиси болуп эки бөлүктөнөт. Ал ал жыгачты иштетүүдө экиге ажырап, көздөгөн буюмдун даярдалышында мүмкүнчүлүктүн өтө начар болору эске алынган.

Дарак кыркылгандан кийин буталып, бычак менен кабыгы жеңилдетилип аачылат да салкын жерде кургатылат. Өтө узакка сактоо туура келип калса,

жаан-чачын, нымдан, күндөн оолак кургак жайларда сактоо керек.

Боз үйгө бөлөк жыгачтардын чабакчаларынан деле пайдаланса болот. Бирок, бирине өтө жай өзүсүнөн жана аздыгынан ысырапкорчулук болсо, бири өтө оор болот, дагы бири өтө катуу, дагы бири морт, дагы бири тултук баш, бутактуу дегендей өз-өз кемчиликтери бар. Мисалы: жергиликтүү жаш карагай балатысынан да даярдаса болот, бирок бул абдан чоң ысырапкорчулукка алып келери белгилүү. Ал балатынын боз үй жыгачына жарактуулукка чейин кеминде 15—20 жылдай өсүү убактысы керек жана андан тышкары ал бөлөк жыгачтардан артыкчылык деле касиетке ээ эмес. Тескерисинче ал жаңы, жаш ным кезинде жонууга, матоого ийкемдүүлүктө болгону менен кургап, каткандан кийин жонуу, көсөө иштерине абдан катуу келет. Өтө оор да келет. Катуураак урунуп-беринүүгө сынмараак да болот.

ЧИЙ — дан өсүмдүктөрү тукумундагы уруу. Көп жылдык чөп. Жаш кезинде малга жакшы тоют. Сабагы жылмакай, түз, жалбырагы ичке, узун өсүмдүк. Бийиктиги 2—2,5 мдей келет. Жер жүзүндөгү 20дай түрүнөн бизде 4 түрү бар.

Чий согууга арналган чий кеч күздө сөңгөгү катып, толук жетилген маалда дүңгөсүнөн ажыратылбай белге салынып жулунуп алынат. Сырткы кабыктары тазаланат. Бул чий «акталган чий» деп аталат.

ЖҮН — теринин сыртына өсүп чыккан талча түктөр. Терилердин ичинен койдун терилеринен кыркылып алынган кылчык жүндөр боз үйдүн кийизин жасоодогу бирден бир сырьё. Ал өзөкчө, кабырчык, кабыктан турат. Кабырчык катмары сырткы чөйрөнүн таасирине жакшы туруштук берет. Жылуулукту жай өткөрүп, ным тартпайт.

КӨК — жүнү алынган, челденген чылгый териден жип сымал тилинип даярдалган талча. Анын узундугу бир метрге чейин, эни керегенин көзүнүн өлчөмүнө карата 3 *ммге* чейинки өлчөмдө болот. Эң уч жагынын 5—6 см жери жыгачтын көзөнөгүнө өткөзгөнгө ыңгайлуу болсун үчүн ичкерээк (ийне сымал) тарттырылып барып учтуу кылынып катырылып коюлат. Жогоруда көрсөтүлгөн узундуктагы көк он чакты топчулукка жетет. Бир аткаруучу бир убакта эле 5—6 даана көк менен иштесе ыңгайлуураак да, өндүрүмдүүрөөк да боло алат. Айрым учурларда көк бир топ убакыт өткөнүнө байланыштуу кургап ката баштап, иштөөгө ыңгайсыз боло башташы да ыктымал. Андан четтөө үчүн аларды мезгил-мезгили менен сууга салып нымдап алып турулушу керектелет.

Көк 1—1,5 жаштан өйдөкү ири мүйүздүү малдын, төөнүн терилеринен даярдалат. Мында төөнүн териси көктөлгөндөн кийин кургаганында жыйрылып тартылып калуу касиетине ээлиги менен айырмаланат.

Теринин көккө даярдоодо анын жүнүн жыдытып түшүрүү үчүн терини шар аккан сууга 4—5 күн чөгөрө байлап коюлат. Мындан терини жүнүнөн ажыратуу өтө оңойлонуп калат. Дагы бир ыкмасы акиташтын күчү азыраак эритмесине кармоо менен да жүнүнөн тазаласа болот. Чоң өлчөмдөгү терилер менен иштешүүдө ыңгайлуулукту камсыздоо максатында 3—4 бөлүккө бөлүп койсо да ашыктык болбойт. Чоң бодонун териси 2—3 орто

өлчөмдөгү боз үйлөргө жетет.

КЫК — малдардан чыгуучу биологиялык калдыктар. Андан боз үйчүлүгүндө кор кылынууга колдонулат. Аны даярдоо анча-мынча жайыкча келген жерге жүргүзүлөт. Ал жерге 1—2 кап кургак койдун же уйдун кыгы узатасынан бир метрче, туурасы 30—40 см.*че* жал кылынып төгүлүп, ал чок менен үстүнөн тутантылып коюлат. Кыктардын өтө майдасы эмес, 1—2 мм өлчөмүндөгү күкүмчөлөрүнөн болгону дурус. Тутанылган кык 3—4 саат ичинде түбүнө чейин чоктонуп корлонот да, ал андан кийин «кор» деп аталат. Кордун күчү, көлөмү муктаждыктан азыраак боясо кургагыраак, көбүрөөк болсо нымыраак кык менен аралаштырылып турулат. Кордо жыгач таякчаларга, шыргыйларга 25—30 пайыз нымдуулук кезинде 70—90 градуска чейин ысыктык өткөрүлөт. Ал жыгачтын ийилүүгө ийкемдүү учурун пайда кылат. Корго 4—6 жыгачтарды теңинен бир аз ашырыла сайылып коюлуп кезеги менен алынып маталат. Экинчи жарымы да кезегинде корго сайылып маталып биротоло бүткөрүлүп тегиз жерге ирети менен жыйыла берет. Маталган жыгачтар белгилүү санга жеткенде алып жүрүүгө ылайыктанып эки, үч жеринен бооланып коюлат. Мисалы, керегелик жыгачтарды бир канатка толгондо, уукту 25—ЗОдан таңгактап коюу эсепке да, иштин жүрүшүнө да ыңгайлуу.

Тутанылган корду өчүрбөстөн бир нече күнгө чейин пайдаланса болот. Бир үйдү бүткөрүүгө 10—12 кап кык керектелет.

ЖОШО — кызгылт, саргыч кызыл, күңүрт кызыл, күрөң кызыл түстөрдөгү табигый минерал зат. Анда темирдин (генатит), коргошундун (сурак), кээде сымаптын (нинаварь) жаратылыштагы кычкылдарынан пайда болгон күкүм түрүндөгү минералдык заттар жана чопо кирет. Жошонун сапаттуусу болуп, кызгылт өңдүү күкүм түрүндөгүсү саналат. Жошо негизинен республикабыздын бардык аймактарында кездешет. Бабаларыбыз аны боз үйдүн жыгачтан турган эмеректерин жошолоордо (боёдоо) колдонуп келген. Бир боз үйгө орточо 4—5 кг.га чейин жошо керектелет.

II. Боз үйдү жасоого колдонулуучу жабдуулар жана аспаптар:

Боз үйдүн жыгачын жасоодо негизги жабдуу — тез шкору менен жана өтө эле жөнөкөй жана аз сандагы бир нече аспаптар колдонулат. Алар:

а) жабдуу (станок): тез, шкор;

б) аспаптар: анын ичинен —

жонуучу: тарткы, кобул салуучу тарткы;

көсөөчү: үшкү, бургу, чулгур;

жылмалоочу: түрпү;

кесүүчү: ара, керки, балта, бычак (маки);

курчутуучу: кайрак, чарык, өгөө, бүлөө;

ысытуучу: көрүк;

ченөөчү: метр, рулетка;

көмөкчү: аттиш, балка, көзөөч, аркан ж. б. Бул аталган аспаптардан тарткы, үшкү, бычак, керки жана түндүк жасоого бургу, чулгур, бир аз аркандын курамында деле каалагандай чоңдуктагы боз үйдү тургузуп коюуга деле

болот. Бирок буга карабастан айрым ыңгайлуулуктарды кеңитүү максатында аспаптардан кошумча пайдалануу зарылчылыгы болот. Жагдайдан жогоруда аталгандардан боз үйдүн өзүнө гана энчилүү айрым негизги жабдуу менен аспаптарга кыскача мүнөздөмө берсек.

ТЕЗ — кереге, уук, чамгарактын чабакчаларынын тартууда (алакандап жонуу), матоодо (ийүү), түндүктүн алкактарын ийүүдө эң негизги бирден бир жабдуу болуп саналат. Аны даярдоодо узундугу 4 м.дей, жоондугу 20—25 см.дей жумуру карагай тандалып алынат. Анын жогорку учунан бир метрден ашыгыраак жеринен узуну 15—18, тереңдиги 12—15 *см.че* оюк оюлат да, ал оюкчанын адам иштөөчү (аягынан жогору караганда оң жак өйүзүнөн) жагынын ылдыйкы четине оюкча жазалып, ал жерге диаметри 5 см.дей жумуру (цилиндр түрүндө) келген бийиктиги 20 см.дей темир орнотулат. Ал темирдин милдети тездин ошол четинин желип жалпайыңкы тартып кетүүдөн сактайт жана иштелүүчү жыгачты бек, тыкыс кысууда ыңгайлуулукту түзөт. Тездин башын (устанын белине туура келүүчү бийиктиктикте болжолдонуп) жерден 130— 140 *см.че* бийиктикте кармап турууга эки калтекчени кайчылаштыра байлап, бутча кылып ага мингизилип орнотулат. Бул эки таянчык шыргыйдын ылдыйраак учтарынан зым менен бир бирине чаты ачылып кетпес үчүн тартырылат. Тез жеңилирээк болуп оордук керектелсе, тездин баш жагына салмоор таш салынат. Тездин аяк жаккы учу тикесинен көсөлүп, а көзөнөгү аркылуу темир казык жерге кагылып коюлат.

Тезге жогорудагыдай бут кылынып арчындалган шыргыйлардын бир бирине тартырып байлоо, салмоор таш салуу, аягын көзөп казык аркылуу жерге бекилүүсү — жыгачтарды тартууда, матоодо, түндүктүн алкактарын ийүүдө тыкандык, тактыктык жогорку деңгээлде болмокчу.

Бабалар тез ордуна шашылыш учурларда таштын оюгун, токойдогу дүмүрдүн же болбосо даректын туурасынан өскөн бутагын да ыңгайлап пайдаланышкан. Бирок алар түндүк ийүүгө ыңгайсыз келген.

Тартуу, копшоо, матоо иштеринде тез менен бирге колдонулуучу «шкор» деп аталган, жоондугу 10, узуну 120— 130 см келген, баш жагынан эки-үч карыш жери жалпакча кылынып чабылган калтек (шыргый) колдонулат. Аны менен рычаг иретинде милдет аткарылып кысуу, кыпчуу иштери аткарылат. Ага көп күч келтирилет, андыктан аны бутаксыз, бышык жыгачтан (кайың же кара жыгачтан) жасоо максатка ылайык.

ТАРТКЫ — боз үйдүн жыгачын жасоодогу эң негизги курал. Аны менен дээрлик жарымына жакынкы жумуш жөндөлөт. Тарткы эки жагы тең миздүү (кош миздүү), ар тарабына бир аз кайкалана жасалып, эки учу сап саптоого ыңгайланып ичкерээк уңгуча чыгарылат. Бул уңгучаларга колго кармап жумуру жыгачтарды жонууга ылайыкталып диаметри 3—4, узундугу 10—14 см жыгач сап менен сапталат.

ҮШКҮ — көсөө ишинде колдонуучу аспап. Үшкү диаметри 4—4,5, узундугу 20 *см.че* келген жумуру жыгачтын эки учуна ортолоп эки өзөкчө зым сымал темир бекитилет. Аны бир учун түп жагын кыскараак, экинчи

жыгач көсөөчү учунун узундугу (казыгынын сырт жагынан) 8—10 *см.че* чыгып тургандай узундукта жоондугу 3 см.дей курч зымдан даярдалат. Анын эң учу жалпак кош канатча чыгарылып жасалат. Үшкүнү пайдалануууда, анын өзүн карматтырууга жерге кагылуучу эки жыгач казык колдонулат. Казыктардын ар биринин диаметри 4—5, узундугу 40—50 см. келген жумуру же рейкачадан даярдалат. Алар бир биринен жерге үшкүнүн ортоңку өзөк жыгачынын узундугундай аралыкта кагылып орнотулат. Казыктардын бир бетинин четинен жерден 10—12 см бийиктикте оюкча жасалып, ага үшкүнүн эки жагындагы сайылган мык сымал темирчелеринен илинип коюлат. Үшкү менен үшүү (көсөө) азыркы дрелге орнотулган сверло менен көсөөгө караганда алда канча өндүрүмдүү да, сапаттуу да болот.

III. Боз үйдүн жасалышындагы жумушчу операцияларынын тизмеги:

Аталган топто керегенин таякчаларын, уукту, чамгаракты жасоодо узундуктарын алгачкы тегиздөө, матоого ылайыктап тартуу (алаканча чыгаруу), нымдуулугун иреттөө, матоо, копшоп кобул салуу (чамгарактан бөлөгүнө), жошолоо мындан сырткары керегеге теңгектөө, үшүү (көсөө), көктөө, аяккы учтарынын тегиздигин текшерүү, а уукка боо өткөрүүгө көсөө, ууктун учтарын тегиздөө жана учтоого байланышылган кошумча жумуштар жүргүзүлөт. Ал эми түндүктү жазоо иши төмөндөгүлөрдөн турат: жаактын ички бетин жана жоон жагынын эки жанын чаап ийүүгө даярдоо, нымдуулугун тууралоо, ийүү, бириктирип кадоо, уук сайылчу жерлерин бургулап көсөө, чулгур салуу, түрпүлөө (жылмалоо), чамгарактоо, белтириктерин жайгаштыруу, жошолоо.

Сөзүбүздүн уландысын жогоруда ар бир көз ирмеми тизмектелген жумуштардын негиздүүлөрүнө түшүндүрмө берүү менен уламакчыбыз.

Боз үйдүн жыгачын жасоо менен алектенген уста кыскача гана бөлөктөрдөн өзгөчөлөнүп жөн гана *жыгаччы* деп аталат.

Элибизде жыгаччылык эселтеден бери эле атадан балага мурас катары өтүп келген кесиптен. Ошентип аны карманууда устатка шакирт болуу ыкмасы кеңири тараган.

Жыгаччылык кылуу жылуучулук убакта тегереги бүт же жарым-жартылай ачык, үстү күн, жаандан коргонууга бастырмаланган жай эң ыңгайлуу болот. Бул биринчиден кор салууга (кык түтөтүүгө) байланыштуусунан, экинчиден аянттын кенендигине зарылчылыктан болмокчу. Ата-бабаларыбыз мурунку убакта көчмөндүүлүктөнбү, жоокерчиликтенби, дагы бөлөк ар кандай шарттарданбы айтоор токойлордон кыркып, ошо эле жерден жазай салган учурлары көп болгон.

Жыгаччылык иши бир жагынан сезондуу иш сыяктанып да кетет. Өтө суук убактарда жыгачты кургатуу же нымдоо, ысытуу, ошондой эле кенен жабык жылуу жайдын боло бербеши да бир азга болсо да татаалдантып ийиши мүмкүн. Бул убактыларда жыгачтарды даярдоо өндүү кургак

жумуштар менен алектенсе болот.

1. Эң баштапкы ишинен болгон - жыгачтарды ылгоо, тегиздөөдө даярдалган жыгач материалдарын керегеликке, ууктукка ылайыктап бөлүштүрүп, аны иштетүүгө ыңгайлоо үчүн алар алдын ала чен жыгачка салып тегиздөө жүргүзүлөт. Бул жумушта керки же кол ара колдонуу ыңгайлуу болот. Алардын узундуктары үйдүн көлөмүнө жана анын керегелеринин көздөрүнүн жыштыгына карата төмөндөгүчө болжолдонулат.

(см. менен)

Үйдүн башы	үйдүн диаметри	11 көктүү	13 көктүү	15 көктүү	17 көктүү
50	380	180/220			
60	430		200/240		
70	500		200/260	200/260	
75	540		205/265	200/265	
80	580		210/270	210/275	
90	740			215/280	220/320
100	820			220/290	225/330

Эскетүү: биринчиси керегенин,
экинчиси ууктун узундуктары.

Таблица боюнча окусак, эгер чакан чарба (жолум) үй даярдоого киришилсе: керегесинин узундугу 180 см.,уугунуку 220 см.ден кем эмес, ал эми 15 көктүү 100 баш боз үйгө даярдоо үчүн алар тийиштүү тартипте 220 жана 290 см.ден кем болбошу керектигин окусак болот. ж.б.

Тегиздөөдө төмөндөгүдөй үч шарттын алынуусу керек.

Биринчиси, албетте бүт жыгач ойдогудай эле сызгычтай түз, ичкерээк, бутаксыз боло бербеси талашсыз. Талдар, кайыңдар көбүнчө жерден бир түптөн 5-6 га чейин чачырап өсүп, ошо түп жагы көбүнчө бир жагына иймегирээк келет (Өзөктөн тараган бутакча жыгачтары бошураактыгынан матоого ийкемсизирээк). Бул учурда керегеликти сырт жагынан, ууктукту ич жагынан матоо максаттуурак болот. Демек, мындан матоого өсүп тургандагы табыгый шарттагысын кошуп, ишти оңойлотулуга шарт түзүлөт. Экинчиден, өтө ичке же жоон же бөлтөк баш жыгачтардан куроо да үйдүн көркүнө, жалпы сапатына да терс таасирин тийгизет. Андыктан андайларды алып таштоого келиниши ыктымал. Үчүнчү жагы айрым учурларда жыгачтардын баш жагы (көбүнчө жаңы кезинде туура эмес кургатуудан) 5-10 см.ге чейинки бөлүгүнө жарака кетиши да ыктымал. Андыктан аны жөнөкөй гана иш катары көрбөй, маани берип, алдын ала көңүлгө алынуусу тийиш. Демек ал да чоң тажрыйбаны талап кылары абзел.

Ошентип, жеринен билгичтик менен көрүлгөн иш аракеттин мааниси зор.

2.Тартууда таякча жыгачтын матала турган ички беттеринен, керегеники боюнун үчтөн биринен бир аз ашыгыраак б. а. 50—75 *см.че,* ууктуку билеги канчалык узундукта боло турган болсо ошончо узундукта б.а. 45—60 см.дей жери калыңдыгы үчтөн биринде катмары жонулуп жалпактанылат. Таякчанын башы 4—5 см.дей баштапкы жеринен бир аз капталдарынан жогорку учуна карата симметриялуу парабола түрүнө келтирилип жонулуп, баары бирдей окшош үлгүгө келтирилет. Таякчаларды мындай алакан чыгарып тартуудан, биринчиден матоого ылайыктоодон, экинчиден баарын бир үлгүгө салып көркөмдүк берүүдөн турат. Ушул эле аспап — тарткы менен жыгачтын (таякчалардын) калган бөлүгүн да жосулап жонуу, айрым учурларда зарылчылык болуп калса жонуп ичкертүү жумуштары да аткарылат.

3. Матоону чечмелөөдөн мурун сөз башын жыгачты ийүү менен матоонун айырмасы эмнеде экенинен баштасак. Мисалы жөнөкөй эле чыбыкты алып, жаача кылып ийип учтарын жип менен бириктирип кадимки жаачаны жасайбыз. Түндүктүн алкактарын ийүүдө, анын жоондугунан ысык сууга же буу корго ысытып алып, оюкчага салып улам-улам ийип, учтарын бириктире акырындап тарттырып олтуруп иебиз. А кереге, уук, чамгарактарды тездин (атайланган станокчо) көзчөсүнө салып, шкорду колдонуу менен деформациянын кысуу, согуу өңдөнгөн түрлөрүн бир нече ирет колдонуп олтуруп акырындык менен керектүү үлгүгө келтиребиз. Биерде белгилерибиз бул аткаруулларда ийүүдөгүдөй тарттырып байлоо иштери аткарылбайт. Демек, ийүү менен матоо ушул иш ыкмалары менен бир биринен олуттуу айырмаланат.

Жыгачты матоо жана ийүү иши, ал жыгачтын 25—30 пайыз нымдуулукта жана 70—90 градуска чейинки ысыктыктын сиңирилишине таянылат. Демек, нымдуулук аз болсо сууга салынылат, тескерисинче көбүрөөк болсо кургатылат, ысыктык корго сойлото сайып коюу менен сиңирилет.

Ал чирүү процессиндеги үйүлүү кыкка да сойлото сайып, же от жагылган очоктун узун морундагы түтүнгө, же туюкча келген цилиндр түрүндөгү темир ийдишке жайгаштырып, сыртынан от же электр жылыткычы менен абаны ысытуу аркылуу ысыктык сиңирсе да болот. Айрым учурларда түз жана ичкерээк келгендерин ысытуусуз эле акырындап кылдаттык менен матаса да болот. Ал усталардын термининде "актай матоо" делип аталат.

Ошондой эле жогоруда түз, ичкерээк келип татаалдыгы жокко эселиктерди үлгүлөнгөн кепке (калыпка) салып таш менен бастыруу жана жерге кагылган казыктар аркылуу да болжолдуу ийип алса болот. Албетте мында матоо болбойт.

Жогорудагыдай ысыктык сиңирүү жана ысытпастан матоонун, ийүүнүн ыкмалары көптөгөн басылмаларда чагылылган.[23]

---

[23] К.И.Антипина, Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных киргизов,Ф., 1962,157-бет; Слово Кыргызстана 16-июль 2004 ж.,жана 9-декабрь 2005 ж. дагы сандарындагы А.Кайназаровдун, Ж.Шаршенбиевдин ж.б. дын иш ыкмалары.

Жогорудагылардан бабалар кеңири колдонуп келген корго сайып ысытуу ыкмасы убакыттык жана материалдык үнөмдүүлүктү, оңойлуулукту, ошондой эле аткарылуучу жумуштун жогорку сапаттуулугун камсыз кылат.

Турмуштук тажрыйбада керегелик, ууктук чабакча жыгачтарды матоо кезинде сынып калууда же айрым бир жерин кордо күйгүзүп алууда, ал таякчалардын бөлүнүп кыскарып калышы толук ыктымал. Ал кыскарып калса да керегенин баш жагынанбы, аяк жагынабы ага тууралап колдонуп, жетпегенине өзүнчө даярдалган саканакчалар (кесиндилер) менен толуктоого болот. Мындан бүтүн жыгачты кесүүнүн ордуна даяр кесилгенин (сынып же күйүп бөлүнүп калгандардан) колдонуу эч айырмасыз деле экендигин оңой эле көрүгө болот: андан биринчиден - жараксыздыкка (бракка) чыгарылышына жол берилбейт, экинчиден – ал жараксыздыкка чейинки жумшалган эмгек текке кетпейт.

Ушундай эле ыкмага типтеш эле дагы бир операцияны келтирсек. Айрым чабакчаларда чукул бурчтуу ийриликтер (өзгөчө жапайы тал, кайыңдарда) кездешиши ыктымал. Жыгач металдай болуп иштелбесинен барыбир кандай чебер матаса да ийриликтен из калат. Андан ал көзгө комсоо көрүнөт. Андыктан чабакчанын эки жагын колдонуп, ортодогу ийрилик жерин алып салса (апендицитти алгандай) да болот.[24]

Матоо ишинде оң кол менен шкорду кармап башкарып, керегинде аны сол жамбаш менен түртүп, бошотуп иреттеп, а сол кол менен маталып жаткан жыгачты керектүү жерлерине которуу, кысылганында түртүү милдети аткарылат. Бул ыкмалар бир жыгачты бүткөнчө бир нече жолу кайталанат. Ийрилиги көбүрөөк жыгачтарга көбүрөөк мээнет жумшалат.

Бабаларыбыздын жогорку ыкма менен матоосу, азыркы кезде колдонула коюп жүргөн электро-механикалык станокто аткарылышынын бир топ артыкчылыктары бар. Алар жоонураак келген ийри-буйрусу бар жыгачтардын бул станокто иштетилүүсүнүн чектелүүсү, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндүгү, кошумча материалдык чыгымдарды көптүгү, сапатынын төмөндүгү менен түшүндүрүлөт.

4. Копшоо, кобул салуу, жошолоо.

Маталган жыгачтар ага чейин эле тартылса да кабык, ар кандай бутактардан да тазаланбай калганы, матоо убагында айрым жерлеринде жаркандалар да пайда болушу мүмкүн. Андыктан аны акыркы жолу жосулоо, тазалоо б. а. копшоо керектелет. Копшолгондон кийин алакандарына кобул салынат. Кобул атайын ара мизденген тарткы менен бир из боюнча 3—4 жолу жүргүзүлүп сайчалар түшүрүлөт. Өзгөчө кооздоо колдонулганында кобулдун баштала турган жери мерчемделинип, баары бирдей жеринен башталат да кошумча колго бычак алуу менен оюулар кошумчаланат.

Жыгачты маталып, копшолуп, кобулдангандан соң жошолонулууга (боёлууга) өтүлөт. Жошолоо жөнөкөй эле ыңгайлуураак идишке, көбүнчө

---

[24]Жогору жагындагысы менен бирге ири материалдык,эмгектик эффективдүүлүктү түзүүчү рационалдык эмгек - устатым Төкөбай уулу Чокого таандык.

дагарага 1,5—2 кг жошону салып, 1—2 *лче* суу менен аралаштырып, ага кийизчени улам малып сиңирип алып жыгачка сыйпап жугуза берет. Суусу азайып баратканда кошумчалап турулуусу талап кылынат. Боёгу азайып, жугумдуулугу начарлай баштаганда 300—400 г.дан кошумчаланып, аралаштырылып турулуусу керек.

5. Тенгектөө жана көсөө.

Керегенин жыгачынын бою үйдүн көлөмү жана анын көгүнүн санына карата 2 м.дин айланасында болушу шарт. Мисалы анын эки түрүн келтирип көрсөк. Керегенин эң башынан 8 см.ди ачакейлене кайчылашып ага уук улаганга калтырылып, ал жерден биринчи көз башталып, андан улам ар бир 15 см.ден кийинки көзгө орун белгиленип, эң акыркы 13чү көздөн кийин жерге таканчык үчүн 10 см калтырылуусу керек. Демек, бул керегенин жыгачынын узундугу так эсеп менен 8 + (15x12) + 10) = 198 см.ди түзөт.

Дагы бир мисалга 15 көктүү керегени келтирип көрсөк. Адаттагыдай эле башынан уук улаганга 8 см, аягынан таянчыкка 10 см, көзөлүүчү 15 көзөнөк 13 см.ден болсо, анда жалпы бою (8+(14x13)+10)=200 см болот.

Иш башы керегенин баш жагынан калтырылуучу жери так болуу менен андан кийинки көсөлүүчү жерлер абдан тактык менен атайыланып арналган жыгачка өзгөчө белгиленет да, ал жыгач «теңгек кереге» (макеттик милдет аткарган) деп аталып, ар дайым бөлөк жыгачтын көсөлүүчү жерлерине белги салууга колдонулат. Аны колдонууда экөөнү теңгек кереге менен көсөлө турган башын теңештирип туруп, чогуу жанаша кармап, экинчи кол менен көсөлчү жерлери бычак же карандаш менен кесип же чийип белгиленет. Атайын мындай өтө такталган бир гана жыгачты мерчем кылып коюу эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатмакчы, ошондой эле көздөрүнүн араларын жылыштырып катачылыктарды кетирип алууну жокко чыгармакчы. Ошентип жогоруда келтирилген көсөлчү жерлерди белгилөө жумушу — «теңгектөө» деп аталат.

Үшүү (көсөө) жумушун аткаруу үчүн үшкүнүн ортоңку жыгач тулкусуна «олоң» деп аталган кайыштан орулуп даярдалган, узундугу 130—150 *см.че* жип сымал нерсени (айрым шашылышта анча жоон эмес жипти деле колдоно койсо болот) 3—4 ирет орошот. Жумуш эки адам аркылуу аткарылат. Алардын бири казыктардын жогору жагына олтуруп алып, олоң менен оңго, солго тартып (аталгыны тартуу сыяктуу) үшкүнү кыймылга келтирет, экинчиси казыктардын капталына олтуруп, көсөлүүчү жыгачтарды бирден көсөлүүгө белгиленип б. а. тенгектелген жеринен ортолото үшкүнүн учуна такап, түртүп көсөтөт да, көсөлгөндөн кийин артка тартып чыгарып алып, кийинкисин көсөөгө өтөт. Орточо үйдүн керегелерин 2 адам 3 саатта көсөп коюуга болот.

Үшкүнү колдонууда эмгек өндүрүмдүүлүгү механикалык көсөөдөн 1,5—2 эсе өндүрүмдүү, а эң тактыктагы өндүрүмдүү электродрелди колдонууда дээрлик бирдей эле турат. Ошондой эле сверло менен көсөлүүдө керегенин сырт жагынан майда жарканда чыгуусу да ыктымал, а үшкүнү колдонууда бул дээрлик жокко эсе болот.

Керегенин жыгачынын ортосунан жогорку жагынан бир көсөлүүчү жери төмөн жагынан да ошондой эле аралыктагы бир көзөлүүчү көзү көзөлбөй калтырылып кетет. Калтырылган бул орундар «азат» делинип аталат. Мындай азат калтыруу, биринчиден жумушту аздыр-көптүр үнөмдөө, экинчиден керегелердин жайылып, жыйылып туруусун аз да болсо жеңилдетмекчи. Тор көз керегелерде булардын саны көбөйтүлүшү да мүмкүн. Бабалардан «азат» деп аталышы, көзөлбөй азаттык берилди дегендей мааниден аталып калган го деп да ойлоого болот.

6. Керегенин көктөлүшү:

Кереге көзөлүүсүнөн кийин көктөлүүгө өтөт. Көктөө көк менен жүргүзүлөт. Көктү түйүү (топчулоо) жумуштары төмөндөгүчө аткарылат. Көктүн түп жагы 1—1,5 см.дей жери кабатталып бүктөлүп, дал ортосунан 2 мм.дей жери жара тилинет. Андан кийин жазып жиберип, ошо эң түпкү учун кайрып тилинген тиликтен өткөрүүдөн түйүнчө пайда болот. Керегенин көзүнө өткөрүлгөндө, ошо түйүн өткөрбөй такап калат. Көк үстүнкү экинчи жыгачтын көзүнөн өткөрүлөт да, ошо үстүнкү жыгачтын үстүнө такай жери тилинип, көктүн учу ал аркылуу өткөрүлүп, ал жерде да эң алдындагыдай түйүн пайда болот. Көктүн түйүндөлгөн (топчуланган) кийинки бөлүгү кесилип алынат да, кийинки көзгө жогорудагыдай жол менен эле кайта даярдалат.

Керегенин көзүнүн саны көбүнчө 13, 15 жана 17ден болуп так санда даярдалат. Токууда иш башынан болуп, анын так ортоңку көзөнөгүнөн (жогорудагылар боюнча 7, 8 жана 9чу көзүнөн) экиден бириктирилип (кошулуп) көктөлөт. Экинчи кадам кошулган керегеден бирди алып, алдыңкы керегенин баш жагын сол колдун колтугу жакка келтирип кайчылаштыра жаят да, дагы бир кошулган керегени жалгаштырып, андагы дал келген көзчөлөр көк менен бириктириле көктөлөт. Андан ары ушундай эле үчүнчүсү, төртүнчүсү жалгаштырылып (токулуп) кете берет. Ушундай кошулган керегелерден 15—18 тейи болгонунда токтотулат. Эки четтеринде жалантык чыгып турган б. а. бир кат керегелер кыйылып, бир четиники экинчи четине алмашыла кабатталып көктөлөт. Жумуштун бул түрү «саканактоо» деп аталат. Мындагы кесилген кесиндилер «саканак жыгачтары» же болбосо жөн гана «саканак» деп да атап коюшат.

Керегенин жогорудагы толук бөлүгү бир *канат* кереге делинип аталат. Бир үйдүн керегесин бир токуган боюнча (канат канат кылып токубастан) көктөп туруп, аягында ара менен тартибине карата бөлүп бөлүп койсо да болот. Мурунураак убактарда кереге көктөө жумушуна устаны кириштирбестен катардагы адамдар эле (ашар сыяктуу) көктөп коюшчу. Ал кезде кереге көктөгөндү билбеген кыргызды табуу кыйынга турар эле.

Кереге ишиндеги акыркы жумуш — аяк жагын тегиздеп аралоо менен жыйынтыкталат.

7. Ууктун даярдалышы:

Уукту жазоо жумушу жогоруда керегени даярдоодой эле тартылып, нымдуулугу жөнгө салынып, ысытылып маталып, копшолуп, кобулданып

жошолонот. Андан соң боо өткөрүлүүгө башынан 8—9 *см.че* жеринен көзөлөт. Узундугу текшерилип такталат да учу төрт кырча (туура кесилген, төрт бурчтуу пирамида түрүндө болуп, учун карай ичкертилет) болуп учталуу менен аяктайт. Учтоодо 6—7 см.дей жеринен асты, үстү төрт кырча (эки каптал беттери ууктун негизги тулкусуна) бир мейкиндикте тегиз так дал келтирилиши шартталат. Тактыкты сактабоо, ал үйдүн тетиктеринин бир-бирине коомайдуулукта биригишине шарт түзүп байымдуулугун, көрктүүлүгүн азайтат.

8. Түндүктүн даярдалышы:

Түндүккө ийилүүчү жаактарды (диаметри 10—12 см, узуну 2,5—3 м.дей болгон шыргый түрүндөгү кайың же тал) жогорку жагынын ички бетин бир аз балта менен жукарта чаап, эни жазыраак болсо эки жанынан бирдей өөнөй чаап ичкертип, бирдейирээк үлгүгө келтирип, ийүүгө даярдалат. Жаак жыгач көп убакыт мурун кыйылып б.а. өтө кургагыраак болсо, аны 10—15 саатка (кээде андан да көпкө) чейин сууга чөгөрө салып коюп, нымдуулук өткөрүлөт да, чоңураак салынган корго бир аз нымдуураак кык менен аралаштыра 1,5—2 саат көмүлүп, 80—90 градустук ысыктыктыкка алынып келет. Андан аркы жумуш толук ийип алганга чейинкиси эки адам тарабынан аткарылышы керектелет. Ысытылган жаакты тездин көзүнө салып, улам-улам кыдыртып итере түртүп, бир бетине ие баштайт. Бир аз жаача үлгүсүнө чыга баштаганда, анын эки учуна атайыланган илме жипчелер салынат. Аларга илинген бириктирүүчү аркандар жеңил жылуу үчүн илмек темирлер колдонулат.

Аркандар салмак менен жыгачтын ийилүүсүнө карата бир бирине саал жакындатылып тартыла берет. Кайрадан жаакты бөлөк ийиле турган жеринен тездин көзүнө туура жагынан аркан аркылуу бир убакта итере тартуу менен улам 2—3 жолу кайталап, андан кийин учтарын бириктирген арканды саап жакындата берет. Ушинтип туура жагынан да, узата жагынан да аркандарды кезектештире жакындата берип, акыры жаакты жарым айланага алып келет. Эгер биринчи аракетте иш аягына жакындай албаса, ал күнү калтырып, катыра түшүп, бөлөк жолу дагы ийүүгө керектүү бөлүгүн корго ысытып алып, жогорудагыдай эле ыкмалар менен улантуу башталат. Айрым учурларда үчүнчү, төртүнчү жолу аракеттенүү менен аяктайт. Улам кийинкисинин жумушу азыраак да, жеңилирээк да боло берет. Албетте акыркыларында айрым майда толуктоолор эле болот.

Ийилип даяр болгондон кийин 10—15 күн калыптанып какшып кургаганы оңтойлуу.

Кезектеги иш — ийилип, кургатылып катырылгандан кийин бириктирилип толук айлана түрүнө келтирилип, кайчылашкан жерлеринен көсөп, кадоо салып бекитүүдөн турат. Андан соң уук сайылуучу оюктарды жазоо ишине кезек жетет. Бул жумуш ийгелекти чалкасынан (бул убакта асты, үстүнүн айырмасы деле болбойт), тескери бетинен ала салдырып, болжолу 40—45 градустук бурч менен (кереге менен түндүктү кошуучу ууктун жантайышына болжолдонуп) ар бир көзүнүн аралыгын 5—6 см.ден

кылып бургулап көсөө жүргүзүлүп чыгат. Үй канча баш болсо, ошнчо ууктун санына жана баш босогосуна тушташ бөлүгүнө туура келүүчү 8—10 көзчөнүн тушу туура келет. Демек, 60 баш үйгө 70тей, 80 баш үйгө 95ге жакын көзчөлөр чыгарылат.

Кезектеги жумуш ууктун учунун үлгүсүнө түспөлдөш узундугу жарым метрден ашыгыраак казыкча темирдин учун ысытып сайып, көздөрүн темирдин учундагы үлгүсүнө салып кеңитип чыгат. Кеңитүүдөгү төрт бурч көзчөнүн жактары түндүктүн жаасына асты, үстү болуп эки жагы да, эки капталы да (негиздери ар кандай болгон төрт бурчтуу призма түрүндө) параллель болуп жазалат. Жумуштун бул түрүн «чулгур салуу» деп аташат.

Түндүктөгү жана уук учундагы үлгүлөр бирдей тыкан жазалышы боз үйдүн байымдуулугун, көркүүлүгүн камсыз кылмакчы.

Түндүктү түрпүлөп жылмалап, үстүнкү бетине жаача иймек ийилген бир каты астынан, экинчи каты үстүнөн болуп, бир бирине перпендикуляр болгон каршы терши чамгарактар (ийилген таякчалар), орто өлчөмдөгү түндүктөргө үчтөн алты, чоңурагына төрттөн сегиз даана чегеленип бекитилет. Чамгаракка белтириктер тагылат. Эң акырында жошолоо менен устанын милдетинен биротоло чыгарылат.

9. Кийиз жасоо: Боз үйчүлүгүнө даярдалган кийиз койдун күзгү кылчык жүнүнөн (кээде ага бир аз жазгы жүндөн да аралаштырса болот) ар кандай чоңдукта, калыңдыкта басылып жазалат. Анын иш башы чыбаштан жана ар кандай кирлерден тазалоо максатында жууп, андан соң тытылат. Кийинки кезек талпактын жүнсүз бетине (көмкөрүп) жайгаштырылып, бышык ичке табылгыдан тандалып кыркылган узундугу 1 метрден кем болбогон «сабоо» деп аталган чыбыктар менен сабалып, үлпүлдөнөт. Андан соң жайылган канат чийдин бетине текшилеп салынып, жылуу суу себилип уютулат. Уютулган жүн чий менен кошо оролуп сыртынан бир же эки жеринен бакан кошо таңылып, жиптер менен бекемделет. Бир адам оролгон чийдин ортосунан айланта өткөрүлгөн жиптен улам тоголото которо берет. Бул учурда жарым саатча убакыт бою 3—5 адамдар буту менен тепкилеп турат. Андан соң оромунан ажыратып алып, бир нече аял катар олтуруп, бир четинен билектеп басып, ал басылган бөлүгүн улам тугуруктап орой берет. Бул учурда да аз-аздан суу текши себилип турат. Артынан жайылып кургатылып, кийин кайрадан кайнак суу себилип, кайталанып басылат. (бышырылат.) Ал анын бышыктыгын жана түлөбөстүгүн камсыздайт.

Даярдалган кийиздерден бычылып, тигилип, туурдук, үзүк, түндүк жабуу, эшик жабуу даярдалат.

10. Өрмөк-колго таар (терилбей согулган), терме (термеленип согулган) токуу курулмасы жана анда даярдалган тасма. Ал анын материалы болгон – жип жүндү даярдоодон башталат. Жүн кыркылынган соң таза жуулуп, тытылып, сабалып, ийрүүгө ылайыкталып созулуп тоголоктолуп түйдөктөлөт.Түйдөктү ийрүү учурунда сол колдун ортонуна иле турган анын буйласы болот.Түйдөктөлгөн жүндү ийрүү ийикте жүргүзүлөт.Ал катуу кургатылган талдан же тобулгудан башынан төмөн карай ичкерилген

узундугу 30-35 см., жоондугу 7-10 мм.дей чабакча жыгачтан даярдалат. Анын баш жагынан 6-8 см.че жерине таштан, коргошундан же карападан көзөлүп жазалган тегерек башча кийгизилет. Ал ийиктин "буйласы" деп аталат. Ийрилип, ийик баштын алдына тоголок түрүлгөн жип салмактанганда ийик баш алынат да, тоголок жип чыгарылат. Муну "бир баш алмай жип" деп айтат. Андан соң челденип, келептенет.Эгер жип термеге арналса, келеби менен ар түрдүү боёкко боёлуп кургатылат.Мында туура тандалынган боё чебердин чыгармачылыгынын ажарын ачып, адамга зор эмоциалдык таасир берет. Андыктан ага маанинин берилиши айныксыз иштен.

Жүндү, жипти кустардык ыкмада боёоодо химиялык заттардан сырткары айрым өсүмдүктөрдүн жалбырагынан, кабыгынан, сабагынан жана таамырынан даярдалган боёктор колдонулат.Ал өсүмдүктөрдүн чогултулуусу жайдын акыркы айындагы мезгилдерге тууралыпп, ал күндөрдүн акырында жүргүзүлөт. Бул учурда алардын боёк болуучу касиеттери күчүнө келет. Жыйналган өсүмдуктөр күн тийбеген жайда кургатылат.

Жүндү сары өңгө келтирүүдө чычырканактын тамыры, тоо гүлдөрү, кызылга чалкандын тамыры, жашыл түскө боёшко анын сабагы жана жалбырагы керектелет. Мала кызыл, даана кызыл өндөргө келтириш үчүн анардын кабыгын да пайдаланышат. Кара түскө келтирүүдө жаңгак мөмөсүнүн кабыгы, саргыч кызыл жана күрөң кызыл түскө келтирүүдө пияздын кабыгы колдонулат.

Боёдон соң 1-2 кг.дан бир нече түрмөккө түйдөктөлөт. Андан кийин 2-3 адамдын аткаруусунда 4 жерге 4 казык кагылган курулмачада, алардын бою менен түйдөк жип жүгүртүлүп чыгат.

Жүгүртүлгөн жиптин узундугу 15-20 м.болуп, эни 15-25 см.че жазылыкка жеткендей сандагы тал жиптерге мерчемделет. Эриш жүгүртүлүп бүткөндөн кийин тизгин (түштүктө шерик) байлоочко илинет да, казыктардан чыгарылып өрмөктүк курулмага которууга даярдалат.

Өрмөктүн курулушу баш жагынан үч бурчтук сыяктуу 1,5 *м.*ге чамалуу үбөлүктөй таяктардын баштары кайчылап арчындалып байланат да, ылдыйкы учтары жерге тирелет (айрым жерлерде мындай үч бурчтуктун ордуна иймекей үлгү колдонулат). Ага күзүк көтөргүч тагылып, күзүк чыбык менен күзүк жип кошо байланат. Жогорудагы 4 казыкта эриштелип, тизгинделип коюлган жип казыктадан чыгарылып, бир учу (аягы) кергич казыкка, экинчи уч (башы) жагы керме темир аркылуу эки темир казыкка чылбыр менен кериле байланылат. Өрмөкчү баш жагына кагылган 2 казыктын жанында (бир орунда) олтуруп, ар бир жипти (эришти) четинен үстүнкү менен атынкы эриштерди чаташтырбай аркытерки кылып күзүккө (кебез жипке), анан күзүк чыбыкка күзүктөйт. Өрмөктүн 2 күзүгү болот: бирөө өйдө чыгып, экинчиси түшүп турат. Алар чыйратылган тизгин жип менен бөлүнөт. Ошондой эле тизгин өрмөктүн энинин бир калыпта согулушу, эриштерди чаташпай турушу үчүн да кызмат кылат. Эриш курууда күзүктөрдө согулуучу буюмдун энин, ага түшүрүлүүчү терме көчөтүн,

алардын көркөмдүүлүгүн эске алат.

Өрмөктү согууда эриштердин арасына аларды ажыратып, кайра бириктирме жука тактай – адыргы салынат. Адыргыны өрмөкчү өзүнө тартып, кырын өйдө кылганда, эриштер каршы-терши болуп, ортосунан аркак өткөрүлөт да, ал жыгачтан жазалган "кылычтын" сокмогу менен бекемделет.

Өрмөктүк согууда боз үйдүн сызма түрүндөгү боо-чуулары, жазалгалоодогу жабык баш өңдүү бир топ эмеректери даярдалат.

11. Чий согуу жана чийди чырмап согуу:

Чийден – боз үй эмеректери – керегенин сыртынан каланууучу эшиги, ашкана жазалат.

Чий согуу үчун аралыгы 1,5 *м*дей жерден эки башына мамыча орнотулат, да, үстүнө туура жыгач бекитилет. Ал жыгачтын үстүнкү бети бир нече жерден муунакталат. Чыйратылып даярдалган жоондугу 1-2 *мм.*дей жүн жиптин эки учуна сүйрү таш байланып, туура жыгачтагы муунактардын үстүнө ортосунан арта салынып коюулат. Муунак бир-биринен 10-12 см. аралыкта бекитилген жиптин жылышып кетпесин камсыз кылат. Тазартылган же чырмалган чий ошол кош жаак жиптин ортосуна коюулуп, таш байланган жип оңу солго, солу оңго аркы-терки өткөрүлөт. Чий бир сыйра жип менен оролуп бүткөндөн кийин, анын үстүнө экинчи чий, андан кийин үчүнчү чий катарланып коюула берет да, жип менен бекитилип олтурат. Чийдин баш аягынан жип шыпырылып чыгып кетпес үчүн ийрек бастырылат, же чийдин бир аз дөңгөсү калтырылып бекитилет.

Чий чырмоодогу эң татаал иш – чийге оймонун контурун түшүрүп, чегип алуу. Ал үчүн чырмалуучу чийди жерге кыдырата тегиз тизип алып мерчемделген оймонун контурун жоон ийне же абдан учтуу шибеге менен чегилет. Чийге чырмалуучу жүн көк, кызыл, жашыл, сары ж.б. боёкторго бөлүп, тытылып ичке келептенип түйдөктөлөт да чийге оролот. Оролгон чий оюунун түрүнө жараша катар тизилип, андан кийин гана чий согулуучу курулмада бириктирилет.

Чий токуучу жип кой менен эчкинин жүнүнөн аралаштырылып ийрилип сол чыйралат.

Ошентип, өтө кыскача болсо да боз үйдүн даярдалышы толук чагылылды.[25]

[25]Жыгачын жазоо боюнча Жумгал өрөөнүндөгү Багышан айылынын тургундары, өткөн кылымдын 60-70-жылдарында жашап өтүшкөн элине кадырман карыялар: өрөөнгө белгилүү жыгаччы, башкы шакиртим, атам Төкөбай уулу Чокодон; Кулчугач уулу Мамбеттен, анын уулу Эсенбайдан,заманында үч жолу катар болуштукка шайланган Төлөн уулу Дүйшөналыдан; Төлөн уулу Кожоналыдан, Көкө уулу Ажибектен, Сарала уулу Турсуналыдан, төлөк уулу Шералыдан кабылдаган узануучулугума жана тутуу,боо-чууларынын жазалышына Кочкор өрөөнүндөгү Мантыш айылындагы устат Токобаева Гүлмиранын берген кеңштерине таянылды.

БОЗ ҮЙ ЭМЕРЕКТЕРИ ЖАНА АЛАРДЫ ТОПТОРГО БӨЛҮҮ

БОЗ ҮЙ — байыркы бабаларыбыздан бизге күнү бүгүнкүдөй жеткен нарктуу, салттуу мурас мүлк. Ал б. з. ч. 1-чи миң жылдыктан мурун эле колдонулуп келе жаткан бирден бир турак жайыбыз болсо, анын эң кийинки бир кылымга жакынкы мезгилинен бери гана көмөкчү турак жайыбыздан.

Демек, мындан бир нече миңдеген жылдар үзүрлүү өмүр сүрүп келген боз үйүбүз алгачкысында кандай эмеректерден турса жана алар кандай милдет аткарса, азыркы боз үй да ошол эле эмеректерден туруп, ошол эле милдетти аткарып келе жаткандыгы айдан ачык. Бул жагдайдан боз үй бөлөк турак жайлардан айырмаланып, ал өндүргүч күчтөрдүн, маданияттын өнүгүүсүнө, социалдык мамилелер, экономикалык жагдайлардагы өзгөрүүлөргө өтө түздөн түз байланышпаган турак жайдан экендигин көрүүгө болот.

Кеп кезегинде ошол боз үй эмеректеринин ар бирине өз-өзүнчө кыскачалап мүнөздөмө берүү менен алардын өз ара топторго бөлүнүшүнө өз пикирче сунушубузду кошумчалоого арналуусун эскертип коймокчубуз.

КЕРЕГЕ — боз үйдүн дубалы катары тургузулуучу жасалга. Ага уук уланып, анын экинчи учу түндүккө сайылып, боз үйдүн негизги турпаты курулат. Ал диаметри 2,5— 4,0, узундугу 180—230 *смге* чейинки чабакчылардан (тал, кайың) жазалат. Жогору жагынан 60—90 см жери алакандалып (жонулуп), тийиштүү үлгүгө келтирилип маталып (ийилип), копшолуп, кобулданып (сайча салынып), жошолонуп (боёлуп), теңгектелип (көзөлчү жерлери белгиленип), бир нече жеринен үшкү менен үшүлөт (көзөлөт), көктөлөт (жип сымал чийки тери менен бириктирилет). Боз үйдүн керегелеринин ар бир өзүнчө чакан тобу «канат» деп аталат. Алардын саны ар бир үйдө 3—4төн 5—6га чейин болот. Абдан өзгөчөлөнүп жасалган эң чоң боз үйлөрдө 12 канатка чейин жеткирилгени белгиленип жүргөнү бар. Керегенин ар бир уук улануучу кайчылашкан ачакей башы «баш» деп аталат. Ар бир канат керегеде 12ден 18ге чейин баш болот. Эң аз сандагысы «кыпчылдык» деп атап коюлган. Ошол керегелердин жалпы башы боюнча үйдүн көлөмү өлчөнөт. Мисалы, 60, 75, 90, 100 баш үй делип айтылат.

Керегенин ар бир таякчаларынын (айрым адабияттарда саканак деп) да атап коюшкандары да бар, бирок, ал саканак делген кереге көктөлүп бүтүп калганында анын четки жалаңтык жыгачтары кыркылып, баштапкылары бүткөн жагына, бүткөн жагындагысы (өйүз-бүйүздөрү өз ылайыктарында) алмаштырылып баштапкы жагына демейдегидей эле кабаттала көктөлөт. Ошол кыркылган майда таякчалар «саканак» деп да аталат, ал жумуш операциясы «саканактоо» деп белгиленет.) кайчылашкан жерлеринин саны канча болсо, ошончо көктүү деп аталат. Алар көбүнчө 11ден 17ге чейин болот. Көзүнүн саны канчалык көбүрөөк жана алардын аралыгы кичирээк болсо, ошончолук кыскараак жайылып, байымдуулугу көбүрөөк болот. Көзчөлөрүнүн чоңураагы «жел көз», кичирээгин «тор көз» дешип бир биринен өзгөчөлөшөт.

УУК — кереге менен түндүктү бириктирүүчү чабак жыгачтардан жасалган буюм. Ал үйдүн көлөмүнө карата болжол менен диаметри 3—5 см, узундугу

2—3 м.че болот. Керегеге байлануучу жоон башы көзөлүп боо өткөрүлүп, ал боо менен керегеге байланып бекитилет. Түндүккө сайылуучу ичке учу төрт кыр түрдө учталат. Керегенин башына жараша ар бир башына бирден уук уланып, бир боз үйгө көлөмүнө карата 40—100 уук керектелет.

ТҮНДҮК — боз үйдүн төбөсүнөн жарык киргизүү жана от жакканда түтүн чыгууга ылайыкталган 2 же андан көп алкакчалардан толук айлана түрүндөгү куралган жыгач. Алардын бириктирилген жерлери мурун жылкынын же уйдун чылгый тарамышы менен оролуп бекитилсе, кийинчерээк мык менен чегеленип бекитиле баштаган. Түндүктүн чамгарактары үчтөн алты же төрттөн сегиз чабакча жыгачтан жаа түрүндө даярдалып, бир бирине перпендикуляр түрүндө жайгашып, алардын кайчылашкан жерлери мурун көк менен бекитилсе, азыр бөрктүү мыктар менен бекитилет. Чамгарактардын түндүктүн алкагына сайылган жеринен жарым метрче жогору жагына 4 «билек» бекитилет. Ал билектер «белтирик» деп да аталат.

БОСОГО — деп аталган эмеректин курамына бирдей өлчөмдөгү эки каалга жана ал каалгаларга тиешелүү болуп, аны төрт жагынан жээктей чарчылап турган 4 таякчалары кирет. Босогонун астынкы (аяккы босого) жана үстүнкү (баш босого), туура таяктары — туурасы 6—8, бийиктиги 8—10, узундугу 90—100 см жана 160—180 см келген жуп жуптан төрт кыр түрүндөгү (брус) 4 таякчалардан даярдалат. Алардын ар биринин эң четтеринен 5—6 см аралыгынан баштап узундугу 5—6, туурасы 2,5—3, тереңдиги 4—5 см келген 4 оюкча оюлат. Ал оюкчаларга б. а. жер жана баш босого таяктардын арасына жан таяктары аштала киргизилет да, тик бурчтуу төрт бурчтук үлгүсүнө келтирилет. Аяккы, башкы босого таяктардын жан босого таяктары ашташкан жеринен дагы ортону карай жылдырыла диаметри 2,5—3 *см.че* тегерек оюктар жазалат. Ал оюкчаларга эшиктердин өзүлөрүнүн тулкусунан узундугу 4—5 см келген ашык-машыктын милдетин аткаруучу жумуру казыкчалары киргизилет. Демек мындай абалда каалгалар ичине да, сыртына да ачылуу, жабылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болунат.

Босогонун бардык бөлүктөрү оймо, чийме менен кооздолуп, түрдүү түстөгү сыр же бир өң эле боёк же жошо менен боёлот. Баш босогонун эң үстүнкү тегиз бетине эшик ууктар таканчыктоого 3—5 жеринен бирдей аралыкта атайын анча терең эмес оюкчалар жазалып коюлат. Ушул эле баш босого таяктын так ортосунун үстүрөөк жагынан эшик боону өткөрө байлоого көзөнөк жазалат.

ТУУРДУК — боз үйдүн керегесин, ууктун билегин бастыра жабуучу өрө кийиз. Ал тик бурчтуу төрт бурчтук үлгүсүндөгү туурасы 1,6—2,0, узуну 4—6 м.дей өлчөмдөгү өрө кийизден даярдалат. Жээктери көбүнчө кара менен ак жип, кээде кызыл менен ак жиптер оң-сол эшилип жээктелет. Кой жүнүнөн жасалган жээк суу тийгенде кирип, бырышып калгандыктан айрым жерлерде топоздун жүнүнөн эшилген жип менен жээктелет. Туурдуктун жогорку эки бурчуна терме боо кадалып, аны менен ал уукка бекитилет. Бир үйгө 4 туурдук, эң чоң үйлөргө алардын сандары көбөйтүлүп жазалат.

ҮЗҮК — боз үйдүн ууктарынын үстүнөн жана керегенин башынын бир аз жерин чапчыта жабуучу калың кийиз. Ал негиздери иймек келип, алар өз ара

параллель, капталдары тең капталдуу болуп, тең капталдуу трапеция үлгүсүндө болот. Жаанда суу болуп чети бүйрүлбөсүн үчүн четтери кыл же жүндөн атайын эшилген жип менен жээктелет. Ар бир үзүккө эки капталына үчтөн 6 боо тагылып, ошлордун жардамы менен уук, керегелерге байланып, жылмышпас болуп бекитилет. Ар бир боз үйгө алдыңкы жана арткы деп аталуучу 2 үзүк керектелет. Боз үйгө туурдуктар каланып бүткөндөн кийин биринчи болуп алдыңкысы, экинчиси болуп төркүсү жабылат. Өтө өзгөчөлөнгөн чоң боз үйлөргө анын саны 4кө жеткирилиши мүмкүн. Опюндой эле кооздук үчүн ылдыйкы этегинин ичинен же сыртынан эни 30—50 см түстүү кийиздер менен оймолонуп жөрмөлүшү да мүмкүн.

ТҮНДҮК ЖАБУУ — боз үйдүн түндүгүнүн үстүнөн жабылуучу, үйдүн өлчөмүнө карата болжолу 2 м.дей келген төрт чарчы кийиз. Анын төрт жагынан жаңырылган ай түспөлүндө оюлуп коюлат. Ал түндүктүн чамгарактарынын сыртынан тыкыс, жылчыксыз томпок болуп жабылуусун камсыздайт. Жээктери туурдук, үзүк сыяктуу эле жээктелет. Анын төрт бурчуна ар кандай күч келүүдөн жырылып кетпес үчүн, ич жагына тумарча кийиз капталып көктөлөт. Ошол төрт бурчуна төрт боо тагылып, анын үчөө курчоого байланат. Маңдайкысы жерден туруп түндүк жабууну ачып-жаап турууга бош коюлат.

ЭШИК — боз үйдүн киши кирип-чыгуучу жери жана ошол жерди тосо турган калканч. Анын даярдалынган материалдарына карата төмөндөгүдөй түрлөрү болот. Кийиз капталган чий эшик, кийиз эшик, кош канат жыгач эшик (каалга).

Чий эшик — өлчөмүнө ылайыкталып акталып (кабыктарынан тазаланган ж. б.) даярдалган чийлерден согулат. Анын эки учуна жана ортолоруна да эшик ачылганда чийлерге күч келбес үчүн жука тилинген көк оролгон 5—6 чий аралашыла согулат. Ал «белсөө» деп аталат. Согулган чийдин четки жактары туурасы 15—20 см келген кийиз туюктала эки бүктөлүп жээктелет. Ага эшик тыш капталып бекитилет. Анын сыртынан жээктете ар түстөгү кийизден ийрек салып койсо да болот. Эшик тыштын сырт жагынан боз үйдүн кырчоосуна тушташ тастар боо тагылат. Чий эшиктин жогорку босогодон түндүккө чейинки бөлүгү «көнчөк» делип, анын эки жанына эки боо тагылып, боонун бири көнчөктүн оң жагындагы, экинчиси сол жагындагы ууктарга байланат. Натыйжада көнчөк кыйшайбай турат.

Кийиз эшик — кийизден гана даярдалган эшик.

Кош канат жыгач (каалга) — аты аталгандай эле эки бирдей тактайдан жазалат. Өлчөмдөрү туурасы 40—45, узуну 150—170 см болот. Оймо чиймеленип да кооздолот.

Жогоруда аталган эшиктерден бир эле убакта эки түрүн колдонууга болот. Мисалы кош канат жыгач эшикке кийиз эшикти же кийиз капталган чий эшикти кошуп пайдаланса болот.

БОО-ЧУУЛАРГА — аты аталгандай эле негизинен боолору кирет. Ал боз үйдүн эмеректеринин бир бирине байланып бекемделишин камсыз кылат.

Керегелердин бир бирине капшырылган жерин бекемдөөгө *баш чалгыч*, босогонун эки четки эки таяктарына баш босогону кошуп керегеге бекитүүгө —

босого чалгыч деп аталган жип же тасма түрүндөгү боолор колдонулат. Алардын ар бири 1,5—2 м.ден келет. Андан тышкары керегелердин жалпы тутумун арчындалыла бириктирген чалгычтар колдонулат.

Ууктун башын керегенин башына бекитүүгө ар бир уукка баш жагынан 6—8 *смге* (эшик ууктардан бөлөгүнө) жеринен көсөлүп, ага бир учун түйүндөп 50—60 см келген боо ички бетинен сыртын карай өткөрүлөт. Ал *уук боо* делет.

Ууктардын абалынын туруктуулугун камсыздоо максатында анын билегинин жогорку жагына жакын жеринен «тизгич» деп аталган тасма түрүндө даярдалган боо — ууктар боюнча айланта ар бирине оролто чалынып чыгат. Ал эң биринчи ууктан башталып, аягы ошол уукка келип бекитилет.

Туурдук, үзүк, эшик жабуу, түндүк жабууларды карматтырып бекитүүгө алардын боолору өзүлөрүнө бекитилип тигилет.

«Жел боо» деп аталган узундугу 4,5—6 м.дей келген 2 аркандын бир учтары түндүктүн алкагына тушма туш байланып бекитилет. Бул боо үйдү тигерде түндүктү көккө көтөрүүдө, бүгүүдө (жыярда) тең салмактуулугун сактап кайра түшүрүп алганга жана өтө катуу шамалдарда ал боолорго салмак салып, туруктуулугун жогорулатууда чоң мааниге ээ.

Үй тигилип бүткөндөн кийин, үйдүн керегесинин орто жеринен бир аз төмөнүрөөк тушунан туурдуктун сыртынан тегерете босогонун таягынын бирөөнө бекилип, айланта тартылып келип, анын экинчи жан таягына бекитилип байланылат. Ал аркан жоонураак бир бүтүн бөлүктөн турат да «кырчоо» деп аталат.

Тегирич — эни 20—40 *см.че* келип, терме таардан даярдалган кооздук жазалгасы. Ал ууктардын матоосунун жогорураак сыртынан, үзүктүн ичинен тегерете айландырылып тартылат да, түймөлүү чачылары керегенин башына тиер-тийбес болуп салаңдап турат.

Кылдырооч — кооздоо жана жылуулоо максатында терилген таар. Кереге бою же андан пасыраак бийиктикте таардын 3—5 эни бириктирилип тигилип, кереге менен канат чийдин ортосуна тартылат.

ЧЫГДАН — ашканага тосулган чий. Анын ичине идиш-аяк коюлуп, тамак-аш сакталат. Чыгдандын бийиктиги 1,6—1,8 м узундугу 2,5—3,5 м келген чырмалган чийден турат. Эки-үч жерине бакан тирелип коюлат. Чыгдандын эки жагындагы үчтөн алты боосу уук менен керегелерге байланылат. Чыгдан бышык жана кооз болсун үчүн баш, аягы 10—15 *смче* жери кездеме менен көбөөлөнөт. Өйдө жагындагы көбөөгө сайма сайылып, чачы тагылат.

БАКАН — боз үйдү тигүүдө, бүгүүдө колдонулуучу, жоондугу билекке жакын, узундугу 3—5 м келген, бир учу ачакей, экинчи учу мукур учталган жыгач. Ал түз өскөн четин, арча, балаты жана башка жыгачтардан даярдалат. Бакан түндүктү көтөрүүдө, түшүрүүдө; үзүктү, түндүк жабууну, эшик чийди салууга; эшик боону түндүктөн өткөрүүгө, жаанда от жакканда түндүк жабуунун бир бурчун тирөөгө, кар жааганда ичинен түрткүлөп үзүктүн үстүндөгү карды түшүрүүгө, шамалда бел баканды туура коюп ууктарды тиретүүгө, кийиз жазаганда, чийдин сыртынан кошо таңып коюуга, чий согууга, өрмөк курууга ж. б. жумуштарга колдонулат.

Учурдагы адабияттарда жогоруда аталып, кыскача мүнөздөгөн боз үй эмеректерин топторго бөлүүдө — жыгачына: кереге, уук, түндүк, эшик босого таяктары менен; тутуусуна: туурдук, үзүк, түндүк жабуу, кийиз же чийге кийиз капталган эшик; боо-чуусуна: кереге чалгыч, канат чалгыч, босого чалгыч, уук боо, түндүк боо, үзүк боо, туурдук боо, кырчоо, чийлери жана башкалар делип көрсөтүлүп келет. Демек, мындан мындай шарттарда ар дайым болбосо да айрым учурларда жыгач, тутуусунан бөлөктөрү бүт эле — чийи жана боо-чуулары делинген топко эсептелинип коё жүргөндүгүн көрүүгө болот. Бул боо-чуулары делинген чоң топтон боз үйдү тургузуудагы катыштыгына карата бирдейлик ыкмага келтирүү максатында төмөндөгүдөй топторго туруктуу бөлүүнү максаттуу деп ойлор элем. Албетте боз үйдү жазоодо, тигүүдө, пайдалануууда айрым этнографиялык буюм-тайымдарды кошуп чаташтырбастан боз үйдүн өзүнө гана энчилүү болуп, жасалгалоого түздөн-түз байланыштуулугу бардан — чырмалган канат чий, кылдырооч, жабык баш, а жабдуулукка байланыштуулугу бардан — чыгдан, ала бакан, ача бакан, бакан эсептелиниш керек. Демек, бул жагдайлардан боз үй эмеректери жалпысынан: жыгачына, тутуусуна, боо-чуусуна, жасалгасына, жабдуусуна жана булардан сырткары чийи делген топторго нукуралана так бөлүнүшүп, турмуш-жашоо шарттардан колдонулуучу бөлөк буюм-тайымдардан аралашыла чаталышынын болбоосу максатка ылайык.

Боо-чуулардын айрымдары туурдуктун, үзүктүн, түндүк жабуунун, эшик жабуунун боолору өзүлөрүнө түбөлүк бекитүү менен колдонулса, а айрымдары: кереге чалгыч, уук тизгич, канат боо, жел боо, кырчоо өзүнчө күтүлүп, керегинде керектелет. Мындан боо-чуулардын эмеректердин өзү менен бирге да, өзүнчө да жүрүүчүлөрдү көрүүгө болот. Бул айрым жагдайларда мааниге ээ болушу мүмкүн.

Жыйынтыкта мындай бөлүүлөр — боз үйдү түшүнүүдө, түшүндүрүүдө, жасоодо, тигүүдө, пайдалануууда ирээттиктикти камсыздашын белгилеп коймокчумун.

ТОО КӨЧМӨНҮНҮН ТУРАК ЖАЙЫНЫН КӨЛӨМҮН АНЫКТӦОДОГУ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

Социалдык маселелердин эң маанилүүсүнүн бири – турак жай жана анын көлөмү. Ага карата мынча чарчы метр делген өлчөмдү атайбыз. Бирок ал баардык эле турак жайга мүнөздүү эмес. Ырас, ал кыймылсыз турак жайга ылайык келген менен тоо көчмөндөрүнүн турак жайы – боз үйгө шайкештелинбейт. Демек ал анын тегерек үлгүдө келип, керегинде жагдайга карата өзгөрмөлөнүүсүнө байланышат. Андыктан баланчанын боз үйү баланча чарчы метр дебей, мынча *баш* же мынча *канат* деп атайбыз. Бир эмгекте ал "от числа канат зависит величина юрты"[26], дагы бир эмгектерде "Величина юрты бывает разной, обычно они определяется количеством звеньев"[27], "Малая юрта состоит из 4 звеньев, средняя – 6, большая 8-12 звеньев"[28], "Величина юрты зависет от количества звеньев"[29]делип чагылылат. Буга республикабыздан сырткаркы окумуштуулардын эмгектеринен да тартсак: көчмөндөрдүн турак жайынын тарыхын изилдөөчү белгилүү окумуштуу өз эмгегинде "Размеры юрты зависит от количества звеньев решетки..." деп көрсөтөт[30]. Бул сыяктууларды боз үйдү колдонуучу улуттардан чыккан айрым улуттук окумуштуулардан да аташкандары бар.

Боз үйдүн керегелерин жазоодо жана аны кийин урунууда (тигүү, жыюу, ташуу, сактоо ж.б.) ыңгайлуулукту камсыздоо максатында аларды бөлүк – бөлүккө бөлүп даярдоо колдонулат да, ал *канат* деп аталат. Алардын саны баш[31] менен эсептелинип, эң эле азы 10 баштан баштап, эң көбү 20га да жакындап барат. Демек канаттын ичиндеги баштардын саны айрым учурларда 1,5 – 2 эсеге чейин айырмалануусунан, ал көлөмдүк бирдик боло албайт. (10 баштан азыраактары болуп калса, ал к*ыпчылдык* деп аталып, аты аталгандай эле керегелердин тизмегинин араларына кошуп колдонсо болот. Бул адамда кийими мүмкүнчүлүктөнсө тарыраак болсо кандайдыр бир материалдардан кошумчалоо же чоңураак болсо бүгүп тигүү же кыркып кичирейтүүдөй ишмердүүлүк).

Ырас, чыныгы турмушта, мисалы 4 жана 5 канат керегелерден бирдей эле аянтта (өлчөмдө) же ошол эле аянтты булардан да аз сандагы канаттар деле алмаштырып коюушу ыктымал. Демек, мындан түшүнүүгө канаттын өзүн тереңдеп талдоо зарылчылыгы жаралат.

Керегеге арналган таякчанын узундугу 2 метрдин тегерегиндеги узундукта болуп баш жагынан уук уланганга 6-8 см., аягынан 8-10 см. калтырылып, калган аралык бир биринен бирдей аралыкта болгон 9 тан 17 ге чейинки

---

[26] Быт колхозников киргизских селений Дархан и Чичкан, М., 1958, 142-бет.

[27] К.И.Антипина, Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных киргизов, Ф., 1962 ж., 156-бет.

[28] В.Нусов, Архитектура Киргизии с древнейших времен до наших дней, Ф., 1971, 50-бет.

[29] Абрамзон С.М., Киргизы и их этнографические и историко-культурные связи, Л.,1971, 114-бет

[30] С.И.Вайнштейн, жогорудагы эмгекте 46-бет.

[31] Керегенин жогорку кайчылашкан ар бир башы- бир баш делипинип аталат жана эсептелинет.

көзөнөктөргө арналат.(аларга карата 15тен жогорку көктүүлөрү – *тор*, 13,15 көктүүлөрү – *орто*, 9,11 көктүүлөрү – *жел көз керегелер* деп айырмаланышат) Алардын эң ортоңку көзөнөгүнөн көк аркылуу экиден кабаттала бириктирилип, бир каты оңго, бир каты солго жайылат, ага кийинкилери ушунтилип туруп улам жалгаштыра бириктире берүүдөн торчо болуп токулулат. Анын саны жогоруда айтылгандай 10-20 га чейин (көбүнчө 15-18) жетип, ал канча баш болсо ошончо баштык канат делип коюулат.

Керегенин таякчалары 45*тук болуп жайылганда торчо көздөрү эки карама каршы бурчунан тике турган квадраттык үлгүгө келет. Ошентип көптөгөн квадраттык ромбдор пайда болот. Демек катеттери барабар болгон тик бурчтуу үч бурчтуктун диогналы гипетенузалык милдетте болуп, анын жазылышындагы аралыкты жаратат.Ал гипетенузалар жайылган керегелерди, ээчип, жер менен жарыш да, барабар да проекцияны түзөт. Жалпы айлананы ромбдун диогналына бөлгөндө керегелердин баштарынын саны чыгат. Аны да бир канатка мерчемделген башка бөлгөндө канаттын саны чыгат.

Демек, ромбдордун диогналы кичирейген сайын жайылуу аралыгы азайып,керегенин баштары көбөйөт.Андан тийиштүү тартипте канаттын саны да көбөйөт же тескерисинче болот.


Муну цифралык мисалдарда да чечмелесек:

Диаметри 4,5 м.болгон боз үйгө расчетторду келтирсек: эсеп үчүн диаметрди айланага айлантып, андан босого үчүн 1 м.ди кыскарсак 13,130 м.ди (4,5х трансценттик сан 3,14 – 1) түзөт. Диогналдары 20 см.ди түзсө жалпысы 64 баштык керегелер чыгат. Ушундай эле көлөмдөгү үйгө диогналдары 17,5 см.ди түзсө 75 баштык керегелер чыгат. Жогорудагы керегелерди тагын айтканда 64 башты 16 баштан бөлсөк 4, 75 башты 15 баштан бөлсөк 5 канатты алабыз. Тескерисинче диогналдарды көбөйтүп 25 см. менен чыгарсак, ошол эле көлөмдөгү үйгө жалпысы 51 баш керегелер керектелет. Демек аны 17 ден бириктирип бөлүп үч канатка тууралсак да болот. Жыйынтыкта бир эле өлчөмдөгү үйдү тургузууда 4 да, 5 да, ал тургай 3 да канатты алдык. Демек булардан да үйдүн өлчөмү канатка эле (бул мисалыбызга анча деле таасир этпөөчү бийиктикти, жантаю бурчту эске алганыбызда да) байланышсыздыгын көрдүк.

Ошентип, изилдөөбүздүн, далилдөөбүздүн соңу жогоруда кеп кылынган тоо көчмөндөрүнүн боз үйүнүн көлөмү канаттын саны менен эле так кесе өлчөнбөсүн, а айрым учурларда гана ага да кыйыр түрдө байланарын, а тагы канатка топтолуучу баштын санына, ишенимдүү өтө тагы таякчадагы көзчөлөрдүн аралыгына жана алардын санына жараша болоорлугу белгиленмекчи.

Бирдей бийиктиктеги тар, тик жана кең бурчтуу ромбдордун горизонталдык диогналдарынын (керегелердин жайылышын коштогон) траекторияланган көрүнүшү.

№1- схема



БОЗ ҮЙДҮН ТИГИЛИШИ ЖАНА ПАЙДАЛАНЫЛЫШЫ

Боз үйдүн тигилиши төмөндөгүдөй иреттүүлүктө ишке ашырылат. Тигүүгө тегизирээк жер ыңгайланып, эшигин каякты каратуу аныкталат да, ошого карата керегелери бирине удаа экинчисин жайышат. Алардын четки саканактары бир бирине аралата кабаттала киргизилет. Бул жумуштун түрү «капшыруу» деп аталат. Капшырылган бөлүк «кереге чалгыч» делген жип же сызма менен байланылып бекемделинет. Андан кийин үй ортосундагы адам атайланган учу ача бакан менен түндүктү, анын эки жан боосунун жардамы менен тең салмактуулугун сактатып өйдө көккө көтөрөт. Бул убакта босого таяктары ордуна коюлуп, алар керегеге жип же сызма менен бекитилет да, ошол убакытка чейин же андан кийин деле ууктарды түндүккө сайылуу жүргүзүлө башталат. Анын бир учу, ошо учунан өзүнө мурда эле бекитилип коюлган боолору аркылуу керегенин башына чалынып байланылат.

Боз үйдүн алгачкы турпаты тургузулгандан кийин, керегелер биринен кийинкилерине өткөрүлө кереге чалгычтар менен бекемделет. Ууктар билегинин жогорку жагынан алардын эки жагына оп кетпесин камсыздоо максатында «тизгич» деп аталган сызма менен алгачкы учу бекитилген ууктан баштап, катарлай ар бир уукка чалына ороп өткөзүп, акыркы учун баштапкы уукка байлап бекитет.

Жумуштун андан кийинкиси, кийиз эшиктин жогорку учундагы боо түндүктүн алкагы аркылуу (түймөктөп ыргытуу менен) өткөрүп келип, учу баш босого таяктагы атайыланган көзчөдөн өткөрүлүп байланат. Керегенин сыртынан чийи каланып, анын сыртынан туурдуктары жабылат. Ал боолору менен уукка байланылат. Ууктардын үстүнөн адегенде алдыңкы андан кийин арткы үзүгү жабылып, боолору менен уукка, керегеге, сырткы үзүк кырчоого байланып бекитилет. Кырчоосу тартылып, ага түндүк жабуунун үч жаккы боосу бекитилет. Маңдай жаккы боосу түндүк жабууну ачып, жаап турууга бош коюлат.

Үзүк биринчиден көлүмдүү жана салмактуу келгенинен, экинчиден бийиктикте жабууланууусуна карата, аны сыйрып жыйып алууда жана кайра жабуулоодо өз өзгөчөлүгү бар. Андайлардын биринде үзүктүн эки четки боолору чечилет да, кайрылып келип бириктирилип, эки жаккы боолору ортолоруна таштапат да, ал үзүк дагы эки беттелип биригилет, б. а. үзүк бул учурда узатасынан төрт катталат. Үй ичинен бакан менен жогорку бөлүгү ылдый бүктөлө кайрылып түшүрүлүп, туурасынан эки катталат да, ылдыйкы учунан тартып жерге түшүрүлүп алынат. Жерге түшүрүлгөндөн кийин ыңгайына карата кичирейтилүү максатында дагы бүктөмдөлүшү мүмкүн.

Жабуулоодо узатасынан төрт, туурасынан эки бүктөлгөн көрүнүшүндө, туурасынан эки бүктөлгөн жерине туура жыгач салынат да, ал туура жыгачтын эки учунан эки бакандардын жардамы менен тескелип, ууктун үстүнө чыгарылып орду менен жазылат. Боолору тийиштүү жерлерине байланылат. Үзүктү жабууланып турган жеринен жыйып алуунун, кайра жабуунун бөлөк ыкмалары да бар.

Боз үйдү тигүүдө кеминде эки (анын бирөө түндүктү көтөрүүгө) адам болушу керек. Тигүүчүлөр торт-беш адамга чейин тартылуусу ишти бир кыйла жеңилдетмекчи жана тездетмекчи. Өтө чоңураак көлөмдөгү боз үйдү тигүүдө түндүктүн бийигирээк көтөрүлүүсүнө байланыштуу ал иш аттын үстүндө аткарылышы да мүмкүн.

Боз үйдүн ички аянтын жана өзүн пайдалануууда, аны пайдалануучу элдер арасында бирдейликтер менен катар айырмачылыктар кездешет. Аталган маселе боюнча байыркы бабаларыбыздан баштап бүгүнкү күндө да карманып жүргөн эрежелерибизди кыскача баяндоо менен катар андан айрым өзгөчөлөнгөн эрежелери бар бөлөк элдерди атамакчыбыз. Ал өзгөчөлүктөр эмнелерден турарын тизмектөөгө да аракеттенмекчибиз.

Боз үйдүн кире бериш бөлүгү «босого», төр жагы аты аталгандай эле «төр», кирип барганда оң жагы «эпчи», сол жагы «эр жагы» деп аталат. Ортодон коломтого орун берилет. Жогоруда аталган төрт бөлүктүн ар биринде буюмдардын жайгаштырылуусу жана ошондой эле адамдардын орун алуусу боюнча өзүнчө менчиктелүү салт иретинде эрежеси бар.

Эпчи жагына анын орто ченине жакыныраак, үй четинен 1,5 м.ге чейинки аралыкка бакан тирелип, ал аркылуу атайланып чырмалып дайындалган «чыгдан» аттагы чий каланып «ашкана» деген аттагы бөлүкчө бөлүнөт. Ал кээде «чыгдан» деп да аталат. Чыгдандын ички, босого жаккы четине сейрегирээк керектелүүчү чоң казан, ун-талкан запастары, улам нарылап жогорулата идиш-аяктар, азык-түлүктөр катарлата жайгаштырылат. Алардын айрымдары атайыланган идиштерге (аяк кап, чыны кап ж. б.) салынып керегеге илинип же байланылып да коюлат. Чыгдандын эң жогорку четине өзүнчө ачык жерге тактачага кымыз ачытылуучу саба орнотулат. Бул аймак идиш-аякты, азык-түлүктөрдү иреттөөчү аял кишинин көзөмөлүндө болот. Кыз балдарга, наристеге да ушул аймактын дагы жогорураак жери тиешелүү болуп, алардын кийимдери, айрым буюмдары, бешиги жайгашылат.

Төр жагына килем, көшөгө тартылат, такта коюлуп сандык, үкөк, үстү жагына жүк жыйылып, жабууланат. Анын алдыңкы жана ага удаалагл аймактарга кийиз, шырдак, жер төшөк, көлдөлөң, этегирээк жактарына таар, талпак өндүүлөр салынат. Төрүнөн сыйлуу конок, карыяларга андан ылдыйлата андан кийинкилерине улуулата эркектерине сол, аялдарына оң тарабына оңтойлотула орундар энчиленет.

Эр жагынын жогорураак жагына эркектердин тышкы аярлуу кийим-кечектери илинет. Улам ылдыйлата маанилүүлүгүнө карата күнүмдүк пайдалануучу кийимдер, курал-жарак, ат токулгалары, аңчылык буюмдары, жумушчу кийимдер жайгаштырылат. Ал тараптан негизинен жигиттер, өспүрүм балдар орун алышат.

Босогонун сол тарабына утурумдук отун ж. б. буюмдар коюлат.

Демек, жогорудагыдай шарттардан б. а. салтка айланган эрежелердин негизинде буюмдарды жарыксызда деле баамдап тез эле так таап алууга болот.

Биз жогоруда тиричиликтин бир гана боз үйдө жайгашуусу менен

тааныштык. Кээ бир учурларда ыңгайлуулукту жогорулатуу максатында кошумча боз үйлөр коюлуп, аларга айрым бир маанилүү милдеттер бөлүнөт. Ошондой эле чарбачылык иштердин зарылчылыгына карата ашыкча буюм тетиктерди, чийки азык-түлүк, тоют сактоого, жаш малдарды кармоого да үй атайыланып тигилиши да ыктымал.

Жогоруда сөз башында айтылган боз үйдү тигүүдө жана пайдаланууда бирдейликтер жана айырмачылыктар боюнча эмгектенүү көрүнүктүү этнограф С М. Абрамзонго тийиштүү. Анын жыйнак түрүндөгү эмгегинде (Киргизы и их этногенетические историко-культурные связи. Л., 1971-ж. 111—124-беттер) үч ири белгилери боюнча окшоштуктарды жана айырмачылыктарды белгилейт. Биринчиси, боз үйдүн сырткы формасындагы дал келүүчүлүктөрдү — айрым аймактар боюнча бирлеринде конус, бирлеринде жарым сфералык үлгүлөрдө экендиги айтылат. Экинчисинде боз үйдүн эшигинин коюлушу боюнча айрым элдерде жалаң чыгышка (Саян-Алтай элдеринде, Туванын батышында, Мургабда, Каракалпакта), а дагы бир элдерде жалаң түштүккө (Монголияда, өзбек-карлуктарда) каратып тигилери айтылат. А Кыргызстанда болсо бул эреже-салттар колдонулбайт да, ал ыңгайына карата сууга, көлгө, тоого, жолго, жайытка же бир борборго карата коюула берет. Үчүнчүсү боз үйдүн ичиндеги аянтты пайдаланууда биздикинен айырмаланып Алай өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүндө, Батыш Памирде эпчи жагы оң жагында эмес, сол жагында, а эр жагы оң жагында орун алганы айтылат.

Булар боюнча сөз соңчосунда окшоштуктарды жана айырмачылыктарды билүү жогорку үч белги боюнча эле чектелбестен аны көптөгөн белгилер боюнча ар тараптуу изилдоо келечектин ишинен боло бермекчилигин да белгилеп коймокчумун.

БОЗ ҮЙДҮН ЖАСАЛЫШЫ ТАК ИЛИМДЕРДИН КАЙСЫ ЗАКОНДОРУНА ТАЯНЫЛГАН?

Дүйнө элдери «кыргыз эли» делгенде эле биринчи анын аска-зоолуу, бийик алп тоолору, ажайып кооз Ысыккөлү, бирде ташкындап, бирде мелмилдеп аккан дарыя суулары; токойлуу кокту-колоттору, тоо этектеринде, көл, өзөн-суу жээктеринде томогодой болуп топ-топ тигилген ак боз үйлөрүнүн көзгө тартылуусу менен Борбордук Азиянын кең аймагында көчмөн турмушту кечирген эң байыркылыгы, кайраттуулугу, жоокерчилиги, даанышмандыгы элестелет.

Ушундагы томогодой болуп тигилип келген - боз үй, түпкү бабаларыбыздан бери эле б.а. б.з.ч. II миң жылдыгынын башынан б.з. XX кылымынын биринчи чейрегине чейин созулган көчмөндүүлүк кезибиздеги бирден бир ыңгайлуу турак жайыбыз болуп келген. Ошондой эле анын маанилүүлүгү бүгүнкү күндө да кемибегени ар бирибизге белгилүү. Илимий эмгектерде анын эң алгачкы жөнөкөй түрү неолит заманында эле баш калкалоо зарылчылыгынан өтө жупуну түрү алачык тибинде башталып, кийинчерээк дыйканчылыктан мал чарбачылыгы бөлүнүп, көчмөндүүлүктүн өсүшү менен, анын андан ары өнүктүрүлүшү тезделип, жыйынтыгы азыркы колдонуп жүргөн боз үйүбүздүн алгачкы калыптанышы биздин замандын башына чейин эле жетишилгени белгиленет.

Архитектуралык татаал комплекстерге катыштыгы бар кыргыз боз үйүнүн жасалышы так илимдердин айрым законодоруна байланыштыгынын көп жана ар түрдүү экендиги талашсыз. Ал закондорду колдонуучулук анын илимге негизделип атайын кабылданышынан мурун эле болуп келген. Буга далил боз үйдүн колдонулушу менен ага байланышылган закондордун ачылуу убактыларынын арасы бирин-экин кылым эмес, кеминде ондогон кылымдарга чейин айырма болгонун атоо эле жетиштүү болот. Демек, алар турмуштук муктаждыктардан практикада мурда эле пайдаланып келгендиги менен ал илимий эмгек түрүндө, башкача айтканда логикалык жактан кийин-кийин гана иреттелген. Аны төмөнкү жагдайлардан оңой эле билүүгө болот.

Бабалар боз үй жасоодогу эң алгачкы кадамынан болгон чабакча жыгачты кыюу ишин анын бышкан мезгилинде, б.а. өсүүсү токтогон кеч күздөн эрте жазгы жылуулукка илинип, жанданганына үлгүртпөй ошол тыным мезгилдерде колдонуп келишкен. Дарак бүрдөлгөндө «өлүү» катмарына кошумчалануучу жаңы катмардын пайда боло башташынан жазгысына чейинки жана андан кийинкиси болуп эки бөлүктөнөт. Ал жыгачты иштетүүдө экиге ажырап, көздөгөн буюмдун даярдалышында мүмкүнчүлүктүн өтө начар болору эске алынган. Мунун шарттары тиричилик жөнүндөгү илим - биологияда чечмеленет.

Мындан аркы ири жумуш операциясы «тартуу» деп аталып, жыгачтын матоо жолу менен же жонокой ыкма менен эле ийиле турган негизги бөлүгүнүн ыңгайына карата бир бетинен аны үчтөн бир катмарына жакындата «тарткы» деп аталган эки саптуу, ортосу курч кош миздүү эмгек

куралынын жардамы менен тартып (усталардын термининде) б. а. жукарта жонуп жалпакча түргө келтирилет. Бул болсо физика илиминин материалдардын каршылуулуктары жөнүндөгү закондорундагы жумуру (стержень) түрүндөгүгө караганда пластинкалык түрүндөгүсүнүн каршылыгынын аздыгы айтылган эрежеге төп келип, оңой деформацияланмакчы (микробөлүкчөлөрдүн жайгашуу абалы өзгөрүлүп, ички чыңалуунун пайда болушу) жана бирдиктүү формага салынып көрктүүрөөк түргө келтирилишинде турат.

Илимде «нымдоо» делгенинде, ал бир суюктуктун экинчи бир башка суюктуктун же катуу нерсенин бетин тийишүүдөн пайда болуучу кубулуш экендиги белгилүү. Аталган кубулуштан боз үйдүн чабакча жыгачынын (уук, кереге, чамгарак) маталышына же түндүк жасоого ылайыкталган шыргый жыгачтардын ийилишине, ал жыгачтардын 25—30% дагы нымдуулугу талап кылынат. Ал үчүн жаңы кыйылган жыгачты жай табигый шартта кургатып келип, ошол үлүштөгү нымдуулукта колдонуп калуу керек. Эгер кургактыгы көбөйүп кеткен болсо, аны сууга салып коюу менен жогорку талап кылынган нымдуулукка келтирүү менен ишке ашырылат. Нымдуулуктун аздыгы маталууну, ийилүүнү кыйындатып сынып калуусуна, тескерисинче көптүгү ийилүү абалын сактабоого (серпилгичтик деформацияга) алып келет. Тажрыйбалуу усталар бул кубулушту оңой эле өз деңгээлинде эң жөнөкөй механикалык сыноо менен эле баамдашкан. Ал тургай нымдоо үчүн сууга салынган жыгач, ал суунун агынбы же агын эмес (көлчүк) жана ал суулардын жылуу, муздактыгына карата көз карандылыгын да билишкен.

Илимде нерселердин абалдарына, (газ, суюктук, кристалл) карата өзгөчөлүктөрүнө байланышып алардын нымдуулугун ченөө зарылчылыгы болот. Булардан катуу нерселерге байланышылган: сыйымдуу (диэлектрдик туруктуулук), кондуктомердик (электр өткөрүмдүүлүгү), радиоизотоптуу, резонанстык жутууга негизделген ыкмалар колдонулат.

Кезектеги жумуш операциясынан болгон жыгачты матоодо, ийүүдө ага 70—80 градуска чейин ысыктыктын сиңирилиши талап кылынат. Бул иш чара фабрикалык ыкмада ысык сууга, кустардык ыкмада чала күйгөн же күйүп чоктонгон кыкка кургак же бир аз нымыраак кыктын аралашмасынан турган кошулмага (корго) сойлото сайып коюп ысыктыкты сиңирип алуу менен ишке ашырылат. Бабалар колдонуп келген экинчи ыкма убакыттык жана материалдык үнөмдүүлүктү, оңтойлуулукту, ошондой эле аткарылуучу жумуштун жогорку сапаттуулугун камсыз кылат. Мындай максатка үйүлгөн чирүү процессиндеги кыкты колдонсо да болот. Өтө түз, ичкерээк чабакчаларды ысытуусуз деле матоого болот.

Ошентип, иштелүүчү жыгачтын жонулуп пластинкалык үлгүгө келтирилиши, гигроскоптук нымдуулуктун камсыздалышы, тийиштүү ысыктыктын сиңирилишинен кийин аны матоого, ийүүгө өтүлөт. Бул жумуш операциясы «тез» деп аталган диамерти 25—30 см узундугу 4—4,5 метрче карагайчага ыңгайлашылган станокчодо ишке ашырылат. Чабакчаларды матоодо (ийүүдө) кошумча «шкор» аттагы калтекче колдонулат. Бул учурда

деформациянын согуу, кысылуу, ийилүү ыкмалары колдонулуп, аткарылынуучу иш серпилгичтик деформациясынан өтүп пластикалык деформацияга жеткирилип, керектелүүчү үлгүдөгү таякчалар кереге, уук, чамгарактар жана түндүктүн иймек жаачалары даярдалат. Бул нерселерди даярдоодо тышкы аракет токтолуп анын өзгөрүлбөс деформация кезинде, убакыт өтүү менен ички чыңалуу өзүнөн өзү азаюу (релакция) процесси жүрөт. Аталган операцияны аткарууда «шкор» деп аталган эмгек куралчасы рычагдык милдетти аткарып, физиканын статика бөлүмүндөгү «Алтын эреже» аттагы эреже ачык, так колдонулат. Демек, жөнөкөй механизмдердин (рычаг, чыгырык, ж.б.) жардамы менен жумуш аткарууда (сүрүлүү күчүн эсепке албаганда) кыймылдаткыч күчтүн жумушу оордук күчтүн жумушуна барабар болушу б. а. рычагды колдонууда аралыкты канча эсе уттурсак, күчтөн ошончо эсе утарыбызга таянабыз. Жыйынтыкта кысуучу (оордук күч талап кылуучу) жерге күчтү көбүрөөк берүүбүз шартталса, шкордун (рычагдын) аяккы учун карай жылып, аралыкты көбөйтүү менен бирге берилүүчү (кыймылдаткыч) күчтү да көбөйтүү менен өтө оңтойлукта максатка жеңил жетише алабыз.

Устага таякча жыгачтын маталышын аткаруусунда жогоруда аталган күчтөрдөн кандай жагдайларда кимисинен канчалык колдонуу мерчеми практикалык тажрыйбасында такталат. Жетишилген тажрыйбалуулукта ага талап кылынуучу шарттардын аткарылуу деңгээлине карата москоол, ар кандай ийриликтеги таякчаларды жибитип (металлдай жуурулбаса да) матоо жолу менен түзөп, ийип ойдогудай үлгүдөгү нерселердин даярдалышы шартталат.

Керегеге маталып даярдалган чабакчалардын ар бири бир нече жеринен көзөлөт. Ал көзөөлөр бир биринен бирдей аралыкта болуп, чийки териден атайын даярдалган «көк» деп аталган жип сымал нерсе менен бириктирилет. Мында керегенин көзчөлөрү геометриялык фигура ромбдордон турат. Теоремаларга ылайык ромбдун жактары бир бирине жана карама каршы бурчтары барабар, диоганалдары бир бирине перпендикуляр. Демек, мындай фигура жайылуу, жыйылуу касиетине ээ. Эгер көзчөнүн аралыктары ар түрдүүчө болгонунда мындай касиетке ээ болунмак эмес. Керегелер жайылып, жыйылбагандан кийин көчүп-конууга кыйынчылык болмок. Опюндой эле анын жаача тарта жайылышы матоодо бөйрөкчө чыгарылыглы менен шартталат. Эгерде түз гана таякчалардын даярдалынгандыгында, ал түз сызык боюнча жайылып, айлана түрүнө келинбей калмак.

Түндүктү жасоо анын көлөмүнө карата көбүнчө жарым айланадан турган эки жааны же сегмент түрүндөгү бир нече иймек жаачаларды бир бирине улап кошуп бириктирип, толук айлананы түзүү менен ишке ашырылат. Жыгач усталар (түндүкчүлөр) бул учурда жаача кылып ийүүгө даярдалган жыгачтардын жалпы узундугун аныктап, аны үчкө бөлүп болжоо менен түндүктүн бийиктигин б. а. диаметрин алдын ала мерчемдешкен. Демек, айлананын узундугу (2ПР)-трансценттик сан 3, 14түн радиуска болгон эки эселенген көбөйтүндүсүнө барабар экендигин турмушта болжолдуу

колдонуп келинген. Бабаларыбыз эл аралык стандарттагы миллиметр, сантиметр, метр өндүү узундук чен бирдиктерди пайдаланбаганы менен ага чейин деле, андан кийин деле өзүлөрүнүн эли, карыш, кулач өндөнгөн болжолураак чен бирдиктерин колдонушса да кезегинде геометриялык фигуралар арасындагы өз ара тактыктарды, бирдейликти сакташкан. Өлчөмдөрдүн тактыгынын маанисинен кеп кылсак, бир эле керегенин көзөнөктөрүнүн арасы 1—2 *см.ге* же ууктун узундугунун бир биринен 2—3 *см.ге* өйдө ылдыйлыгынан үйдүн сапатынын жарымынан ашыгына түшүүсүнөн эле баамдоо кыйынга турбас. Өлчөө тактыктарын камсыздоону жеңилдетүү, тез аткарылууну камсыздоо максатында макеттик милдеттеги чен, үлгү жыгачтар кеңири колдонулган.

Боз үй эмеректеринин жогорку тактыкта жасалышы анын көрктүүлүгүн камсыздайт, ар кандай сырткы күчтөргө туруктуулугун, байымдуулугун жогорулатат. Тигүү, бүгүү жумуштарын алда канча жеңилдетет.

Кезекки кадамдардан болгон аны тигүүдө жана пайдалануда үйдүн так ортосунан коломтого орун берилишинде: босогодон коломтого, коломтодон төргө чейинки аралыктын барабардыгы, ошондой эле коломтодон үйдүн кайсы гана четине чейинки аралыктардын бирдейлиги абалтадан эле белгилүү болгон да, ал касиеттер боз үйдүн жасалышында да, тигилишинде да, пайдаланышында да эске алынган. Демек, айлана жана анын борбору, радиус, диаметрге байланышылган аныктамалардан кабардар болушкан.

Бабаларыбыз боз үйдүн жыгачын жасоого адистешип аны менен алектенип жогорудагыдай илимий пайдалануучулуктарга тушукса, ал үйдүн тутуу, боочуулары менен алектенген энелерибиз да андан кур болгон эмес. Узундугу 7— 8 м.ге чейин жетүүчү чоңураак өлчөмдөгү туурдуктарды бычууда тең ортосунан белгиленип коюлган жипти карама каршы бурчтарынын арасына салып текшерүү жүргүзүшкөн. Бул текшерүү геометрияда белгиленген тик бурчтуу төрт бурчтуктун диоганалдары барабар жана кесилишкен жеринде тең бөлүнүшөт делинген теоремага төп келинген.

Негиздери параллель ийри сызыктуу, тең капталдуу трапеция үлгүсүндө даярдалуучу үзүктү бычып даярдоодо да анын карама каршы бурчтарынын аралыгына жогорудагы туурдуктукундагыдай эле ченөө жүргүзүлүп, тактыгы текшерилип келген. Ошондой эле туурасы боюнча эки беттеп каптап тең капталдуулугу жана симметриялуулугу тастыкталган. Үзүктөрдүн жабылышынан кесилген конус пайда болуп, ага байланышылган касиеттерден да түшүнүк болгон.

Түндүк жабуунун төрт жагынан бирдей жаача түрүндө, б. а. айдын жаңырышындагы түспөлүндө кесүүлөнүп коюлат. Бул болсо түндүктү түндүк жабуу менен жабууда анын чамгарактарынын үстүнөн томпок болуп эч бүктөлүүсүз толук жана жылчыксыз кынала жабылышына шартталат. Бул жумушчу операциясынан тегиздиктин текши томпоктоло ийилүүсүнө байланышылган математика илиминин бир бөлүмү дифференциалдык геометрияда белгиленген теоремаларга таянылганын көрүүгө болот.

Кыргызда он эки канат өргөө, он эки кулач аркан, он эки карыш казан, он

эки эли ичеги, он эки түйүн жип ж.б. чендер айтылат. Булардан биз кепке ала турган бир бирине барабар узундукта он эки бөлүкчөгө бөлүнүп түйүндөлгөн бир бүтүн жипти бабалар өз заманында чоң көлөмдүү өрө кийиздердин карама каршы жактары барабар болгон төрт бурчуктун тик бурчтуулугун аныктоодо колдонушкан. Ал үчүн бурч болуучу чекиттен эки жандаш жагына 3 жана 4 бөлүгүн коюп, калган 5 бөлүгүн ичти карай буруп, акыркы учту баштапкы учка тогоштурушкан. Натыйжада, жактары 3, 4, 5 бөлүктөн болгон тик бурчтуу үч бурчтук пайда болот. Анын бир бурчу болгон ортоңку бурчу 90 градуска барабар болгон тик бурч болот. Бул ыкма менен ар кандай көлөмдүү келген нерселердин тик бурчтуктуулугун аныктап келишкен.

Албетте бул геометрия илиминде б. з. ч. V1 кылымдагы грек окумуштуусу Пифагордун атынан «Пифагор сандары» же «Пифагордун теоремасы» делген ат менен белгилүү. А мүмкүн бул бабаларга Пифагорго чейин эле белгилүү болуп, турмушунда колдонуп келгендир. Илим Чыгыштан Батышка тарагандыгы айтылат го. Демек, муну аныктоо келечектин ишинен болмокчу.

Боз үйдүн жасалышы, тигилиши, пайдаланышы табигаттын шарттарына өтө ыңгайлангандыгы да баарыга эле белгилүү. Үйдүн үстүнкү бөлүгү кесилген конус түрүндө болуп, кийиз менен жабылышынан эле шамалга туруктуулугу, жаан-чачындын токтобой агып кетиши, үй ичине булганч абанын (чаңдан, радиоактивдүү элементтерден ж. б.) өтпөшү, сырттан сууктун же ысыктын үйдүн ичине өтүшүнүн, ички жылуулуктун сыртка чыгышынын эң эле аздыгы б. а. ысык-суукту жай өткөрүп, ным тартпоосу өңдөнгөн өзгөчөлүктөргө ээ. Ошондой эле үй ичиндеги чөйрө физика илиминин жарык, жылуулук, үнгө байланышып алардагы таралыш, өткөрүмдүүлүк, тутулуш, сиңирилип, чагылыш өңдүү кубулуштук закондорунан байкаларлык учурлары кездешет. Мисалы, алардын бир эле кубулушу — жарыктын таралышын талдап көрсөк. Боз үй ичиндеги жарыктын берилишинде анын агымы бардык багытка бирдей тарап, жогорку бөлүгү конус түрүндөгү жантык бетке урунулат да, жутулуусунан кийин калганы кайра андан бурчтук диффузиялык чагылуудан жерди карай б. а. боз үй ичиндеги адамдар пайдалануучу бөлүккө бет алат. Натыйжада чөйрөдөгү активдүүлүк бир аз болсо да жогорулашына шарт түзүлөт.

БОЗ ҮЙ — КЫРГЫЗ АРХИТЕКТУРАСЫНЫН БАШАТЫ

Дүйнөлүк архитектуранын көч башатында б. з. ч. 4 миңинчи жылдыкта дүйнөдө алгачкыдан болуп калыптанган Египет мамлекетиндеги б. з. ч. XXVIII кылымында маркумдарга сыйынуу максатында Саккардагы тепкичтүү формада курулган Жосер пирамидасы, андан бир аз кийинчерээк ошол эле кылымда Гизедеги классикалык үлгүдө курулган Хеопс, Хефрен, Микерин пирамидалары жана ага удалай курулган кийинки храмдар турат. Египеттен соңку орундар Греция, Италия өлкөлөрүнө тийиштүү болгон. Греция өз архитектурасын архаикалык, классикалык жана эллиндик деген мезгилдерге бөлүп, анын башы б.з.ч. VIII—VII кылымдарда башталып, туташ системада курулган храм, театрлардан башталат. Италиядагы архитектуралык курулмалар VI—V кылымдарда Римде курулган храм, дворец, чиркөө, собор, монументтер, амфитеатр, триумфалык аркалар болуп эсептелинет.

Албетте жогорку жагдайлардан жер жүзүнүн ар бир аймактарында жана анын элдеринде мезгилдери да, түрлөрү да бир бирине топ келбеген өз-өз архитектуралык курулмалары болгондугун көрүүгө болот. Ушул тыянактан кыргыз элинин эң алгачкы архитектурасы кайсы мезгилге жана кандай курулмалардан турары ойго келбей койбойт. Аны кыргыздын байыркы тарыхынан издөөгө туура келет.

Ырас, жакынкы жылдарда, кытай тарыхчысы Сыма Цяндын «Шицзы» деген тарыхый эмгегинде б. з. ч. 201-жылы гунндар өз чөйрөсүндөгү бир топ мамлекеттерди, анын ичинде кыргызды чапкандыгы белгиленгенге карата, биз мамлекеттүүлүгүбүздүн 2200-жылдыгын белгиледик. Ошентип, б. з. ч. 201-жылы мамлекетибиз жеңилишке дуушарланса, демек ага чейин эле мамлекеттүүлүгү бар экен да. Мындан мамлекеттүүлүк болгонго чейин да, б. а. мамлекетсиздик мезгилде да эл болгону турулуу иш дечи. Андыктан түпкү пайда болуубуз бир кылымбы, он кылымбы андан да аралыгы (б. з. ч. 201-жылдан) айдан ачык да.

Бизге азырынча илимий даректерден белгилүүсү: кыргыз, мезгилдин б. з. ч. III—I кылымдарында түндүк-батыш Монголиянын Кыргыз-Нор көлүнүн аймагында жашаган, б. з. алгачкы кылымында гунндардын кысымынан түндүккө — Энесайга журт которуп, андагы динлиндердин бир бөлүгүн сүрүп, бир бөлүгүн өзүнө сиңирет. Бул жазмыштын натыйжасында энесайлык кыргыз эли калыптанып, тарыхта «энесай» кыргыздары» деп белгиленет. Бул элден азыркы бир катар элдердин калыптанышына өзөккү этнос катары роль ойногон. Манжуриялык фу-йу кыргыздары, лоптуктар, тувалыктар, хоорай же хакас ж. б. калыптанган.

Энесай кыргыздарынын VI—XII кылымдарда өз мамлекети — кыргыз кагандыгы тарыхта маалым. Энесай кыргыздарынын бир бөлүгү IX кылымдын ортосунан XIII кылымдын акырына чейин этап-этап менен Теңир Тоо кыргыздарына келишкен. Ал жердеги караханилер, көчмөн түрк

калктарынын ичинде салыштырмалуу азчылыкты түзсө да, XIII кылымдан баштап кыргыздар жаңы элдик бирикмеге уютку болорлук көпчүлүккө айланган.

Жогоруда келтирилген тарых даректеринен б. з. ч. 1 миң жылдыктардагы (мүмкүн андан да мурунтан эле) тынымсыз жортуулчулукту, ар дайым көчүп-конуп жүргөндүктү көрүүгө болот. Бул учурларда ал уруулардын негизги турак жайы, көчүп-конууга ыңгайлаглылган боз үй экендиги да айтылып келет. Тынчылык мезгилде да жашоосунда чарбачылыгына карата чектелген аймактарында жайлоо, күздөө, кыштоо, жаздоого ыңгайлуу, көчмөлүк касиетке ээ турак жайлыгы айтылат.

Ошондой эле көптөгөн илимий эмгектерде коло доорунда эле кыргыз аймактарында мал багып, дыйканчылык менен тиричилик кылган уруулар жашап, алардын негизги турак жайы — боз үй болгон деп да баса көрсөтүлөт. Бул белгилөө б. з. ч. 2 миң жылдыкта эле боз үй кеңири колдонулуп жүрүлгөнүнөн кабар берет.

Ошентип жогоруда келтирилген даректерден боз үйдүн эң алгачкы жаралышы б. з. ч. 2—3 миң жылга жана б. з. дагы 2 миң жылдык өмүрү болуп, жалпы узактыгы 5 миң жылга жете барарын көрдүк. Демек, боз үй эң байыркы архитектуралык курулмалардан, о. э. терең акыл эмгегин талап кылган, өз заманында — эң татаал, ал тургай бүгүнкү техникалык прогресс заманында да жогорку сыйлуу турак жайлыгы эч талашсыз.

Бирок ошондой болсо да бүгүнкү күндө архитектурабыздын башаты — б. з. ч. 1 миң жылдыктын башына таандык Чаткал өрөөнүндөгү Чаткал суусуна куюучу Чандалаш суусунун оң жээгиндеги 1,5 км аралыктагы Чандалаш дөбөсүндө, ошондой эле б. з. ч. V—I кылымдарга таандык түштүктөгү Өзгөн шаарына аймакташ Шоро-Башат, Кара-Дарыя жана аларга да аймакташ айрым бөлөк жерлерден табылган журт калдыктарынын эсептелиши туура эмес. (спец. том «Киргизская ССР» Ф. 1982. 385-бет).

Мына ушундай бурмалоонун, басынтуунун таасиринде эң байыркы бабаларыбыздан берки турак жайыбыз — боз үйгө өз баасы берилбей келинген. Анын кыргыз архитектурасынын башаты экендигин белгилөө түшкө да кирген эмес. Ошондой эле ушул күндө да жеткиликтүү элес берилбей жүрөт.

Кыргыз жергесинде узак убакыт эмгектенген архитектор Нусов В. Е. «Архитектура Киргизии с древнейших времен до наших дней», ошондой эле өмүр бою кыргыз этнографиясы менен алектенген илимпоз Абрамзон М. С. эмгектерин жыйынтыктап «Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи» деген китептерин жазышкан. Бирок бул эмгектерде да жогорудагы маселелер козголгон эмес. А кыргыз этнографтарынан да ал маселеге кайрылуу болгон эмес. Эгер алардан ага кайрылуу болгон болсо эскичиликти жактаган, улутчул деп да күнөөлөшү толук мүмкүн эле. Ансыз деле жогорудагы окумуштуулардан Абрамзон М. С. бөлөк улуттан болсо да ар кандай сындарга дуушарланган.

Азыркы мезгилде б. а. республиканын көз карандысыздыкка ээ болушу

менен улуттук аң-сезим терендеп козголуп, элибиздин өткөн доорлордон келаткан мурастарына кызыгуу жогорулады. Ошентип, бабалар мурасын аздектоо иши алга кадам алды. Анын ичинен биз кепке алып жаткан боз үй салтанаттарды, мааракелерди жана башка ар кандай жыйындарды өткөрүүдө кеңири колдонулуп жүрөт. Мамлекеттик белгилеребизге киргизилди. Эл аралык көргөзмөлөргө коюлуп, байгелүү орундарга жетишилип жүрөт. Эл аралык карым-катнаштарда белекке берүүлөр башталып, алар жылуу кабылданууда. Дүйнөлүк кызыгуу, колдоо да күн санап арбылып баратат.

Ошентип, боз үй 4 миң жылдан ашык өмүрү бар, буга чейин аталып келген кийинки кездерде эле айрым археологиялык казуулардан табылган кепелердин дубалдарынан миң эселеген татаал эмгекти да, акылды да талап кылган татаал архитектуралык курулмалыгынан улуттук архитектурабыздын башаты экендиги талашсыз.

Боз үй жөнүндө жазылган эмгектердин тизмеги

Көчмөндөрдүн турак жайына саякат
(*Чүй баяны, 17-июль 2004 ж.)*
Боз үйдүн жазалышы так илимдердин кайсы законодоруна таянылган?
(*Эркинтоо, 6-май 2005 ж.)*
Боз үй – кыргыз архитектурасынын башаты
(Эркинтоо, 7-апрель 2006 ж.)
Көчмөндөрдүн турак жайынын өнүүгүлөрү
(*Интелект, чыгармачылык жана турмуш, №2, 2006 ж.)*
Бабалар мурасы бааланса...
(*Адабий гезит, 2007 ж.)*
Кийиз менен жабылгандардын баары эле боз үй болгонбу?
(Кыргыз Руху, №№90,91; декабрь 2008 ж.)
Боз үй качанкы жана кимдин турак жайы
(*Эркинтоо, 24-июль, 2009ж)*
Боз үй – тоо көчмөндөрүнүн турак жайы (Сб. Статей КНУ им. Ж.Баласагына, 2010. Стр. 150-154)
Боз үй эмеректеринин топторго бөлүнүшү, Вестник Иссык-Кульского Университета, №26, 2010, 111-бөлүк, 244-246-беттер

Көчмөндөрдүн турак жайынын көлөмүн аныктоодогу өзгөчөлүктөр, Вестник Иссык-Кульского Университета, №26, 2010, 111-бөлүк, 246-248-беттер

АДАБИЯТТАР

Всеобщая история архитектуры (Т, 9) М. 1968

Нусов В.Н. Архитектуры Киргизии с древнейщих времена до наших дней (Ф.1990)

Абрамзон С.М. Киргизы и их этнографические и историко-культурные связи Л.1971.

Кыргыз Совет Энциклопедиясы, (1-6 томдор) 1976-82 жж.

История Киргизской ССР (спец.том.) Ф., 1982.

Осмонов Ө.Ж., Асанканов А.А., Кыргызстан тарыхы (Эң байыркы доордон азыркы мезгилге чейин), Б.,2003.

Окладников А.П. История Сибири (т. 1. Л. 1968)

Кузьмина Е.Е. Древние скотоводы от Ураля до Тянь-Шаня (Ф. 1986)

История народов Восточной и Центральной Азии с древнейщих времен до наших дней, (в 2-х томах, Л., 1986)

Маргулан А.Х. Казахская юрта и ее убранство М. 1964

Маховская П.Е. Юрта Алма-Ата, 1964.

Муканов М.С. Юрта, Алма-Ата, 1981.

Новогородова Э.А. Древняя Монголия М. 1989.

Хазанов А.М. Социальная история скифов М.1975

История Кахзахстана и Центральной Азии, Алматы, 2001.

Литвинский Б.А. Древние кочевники «Крыши мира» М., 1972

Гумилев Л.Н Хунны Алма-Ата. 1993

Древние турки М.1993

Роль кочевых народов в цивилицазии Центральной Азии, Улан-Батор, 1975

Мурад Аджи, Тюрки и мир, М., 2006

Ташбаева К.И. Культура ранных кочевников Тянь-Шаня и Алая Л.1981.

Кожомбердиев А.И. Культура ранних кочевников Западного Тянь-Шаня. Л. 1986

Чокотегин М., Боз үй – байыркы бабаларыбыздан мурас турак жай, Б. 2007.

Быть колхозников киргизских селений Дархан и Чичкан. М., 1958. Антипина К.И. Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных киргизов.Ф,1962,с.

Антипина К.И. Юрта-ценный памятник культуры киргизского народа. В кн: Памятники Кыргызстана. Ф. 1970.

Алымбаева Б., Юрта-ценный памятник материальной культуры киргизов. В кн: Памятники Кыргызстана. Ф.1982.

История биологии с древнейщих времен до начало XX века, М., 1975

Кудрявцев П.С., История физики, т.1-3, М.,1956-71.

Ефимов Н.В. Высшая геометрия, М., 1961

Коган В.Ф., Очерки по геометрии, М., 1963

Рашевский П.К. Курс дифференциальной геометрии, М.,1950

МАЗМУНУ

Сөз башы....3
Көчмөндүүлүк жана анын агдайлары....5
Көчмөндөрдүн турак жайынын өнүгүүлөрү....10
Боз үй – тоо көчмөндөрүнүн турак жайы....15
Боз үйдүн жазалышы....21
Боз үй эмеректери жана аларды топторго бөлүү....35
Тоо көчмөндөрүнүн турак жайынын көлөмүн аныктоодогу өзгөчөлүктөр....40
Боз үйдүн тигилиши жана пайдаланылышы....43
Боз үйдүн жасалышы так илимдердин кайсы закондоруна таянылган?....46
Боз үй — кыргыз архитектурасынын башаты....51
Жарыяланган эмгектер....53
Адабияттар....54

Илимий басылма

Чокотегин Мырзабек

БОЗ ҮЙ — ТОО БАЙЫРКЫ КӨЧМӨНДӨРҮНҮН ТУРАК ЖАЙЫ.

Объем 3,5 печ. л.
Тираж 300 экз. Заказ № 101

ОсОО «Алтын принт»
720000, Бишкек ш., Орозбекова көч. 44
Тел.: (+996 312) 62-13-10
e-mail: romass@front.ru